479

Аң-сезим

# Ал-Ваъй

الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, зул-хижжа 1447-х. – июнь 2026-м.

Ал-Ваъй сөзү

## Ажылык – халифалардын жоопкерчилиги менен азыркы режимдердин калкка болгон кысымынын ортосунда

## Ажылык мезгилинен мамлекет курууга чейин: цивилизацияны курууну стратегиялык пландоо

## Америка Кошмо Штаттары Ислам Үммөтүнө үстөмдүгүн сактап калуу үчүн яхудий түзүмү менен индус мамлекетинин кызматташтыгын жеңилдетүүдө

## Мусулмандардын өз маселелери менен алектениши – милдет жана сыймык

## Американын Иранга каршы согушу жана дүйнөлүк түзүмдүн кризиси

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org Subjects@al-waie.org

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Ажылык — халифалардын жоопкерчилиги менен азыркы режимдердин калкка болгон кысымынын ортосунда.......... 3

– Ажылык мезгилинен мамлекет куруу га чейин: цивилизацияны курууну стратегиялык пландоо ........................................................ 9

– Американын Иранга каршы согушу жана дүйнөлүк түзүмдүн кризиси....................................................................................... 25

– Америка Кошмо Штаттары Ислам Үммөтүнө үстөмдүгүн сактап калуу үчүн яхудий түзүмү менен индус мамлекетинин кызматташтыгын жеңилдетүүдө ..................................................... 29

– Мусулмандардын өз маселелери менен алектениши – милдет жана сыймык.......................................................................................... 33

– Фираун зулумдугу кайра-кайра кайталануусу: үммөттүн кайдыгерлиги менен өзгөртүү вазыйпасынын ортосунда .............. 44

– Ыйык Курандагы коркуу маанисин билдирген сөздөр жана Курандын балагаты менен байланышы ......................................... 48

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***..................................... 63

– ***Куръани Карим сабагында*** ...................................................... 69

– ***Бейиш бактары:*** Хубайб ибн Адий (разияллаху анху)............. 74

– ***Ал-Ваъй архивинен***: Руханий күч — эң таасирдүү күч ........... 78

– ***Соңку сөз:*** «1948-жылдагы Накба күнү» жөнүндө ыр ............... 82

– Түркиянын тышкы иштер министри Фидан тынчтыкка жана нормалдашууга чакырган башчылардын катарына кошулду......... 84

# АЖЫЛЫК — ХАЛИФАЛАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ МЕНЕН АЗЫРКЫ РЕЖИМДЕРДИН КАЛККА БОЛГОН КЫСЫМЫНЫН ОРТОСУНДА

**Ваиль ас-Султан**

Ибрахим (а.с.)дын Каабанын пайдубалын көтөрүп, адамдарды ажылыкка чакырган ибадаты Ислам Үммөтүн бириктирген эң улуу көрүнүштөрдүн бири болуп келди. Анда мусулмандар тилдеринин, өң-түстөрүнүн жана өлкөлөрүнүн айырмачылыгына карабастан бир эле ибадат максатында чогулушат. Алар дүйнөлүк айырмачылыктын бардык белгилерин чечип салып, дүйнөнүн жасалгасы менен текеберлигинен арылган жүрөктөрү менен Аллахтын алдында турушат. Ажылык өз маңызында белгилүү бир ибадаттар аткарылуучу жөн гана диний сапар эмес. Ал – Үммөттүн биримдигин жана жалгыз Аллахка гана моюн сунганын улам жаңылап турган жарыя. Ошондуктан Ислам тарыхында ажылыкты уюштуруу жана камкордук көрүү халифанын же имамдын өз карамагындагы калк алдындагы негизги жоопкерчиликтеринин бири болуп келген.

Алгачкы халифалар бул маани-маңызды терең түшүнүшкөн. Алар ажылыкты административдик жүк же экономикалык сезон катары эмес, Аллахтын алдында да, адамдардын алдында да жооп бере турган шаръий аманат катары көрүшкөн. Ошондуктан тарыхта Халифалык мамлекетинин кадыр-баркы анын эки ыйык мечитти коргой алышы, ажылык жолдорунун коопсуздугун камсыздашы жана ажыларды тейлей алышы менен тыгыз байланышкан.

Шаръий саясат жана мамлекеттик башкаруу фикхине арналган китептерде ажылыкты уюштуруу имамдын эң улуу милдеттеринин бири катары саналган. А түгүл Абу ал-Хасан ал-Маварди өзүнүн «Ал-Ахкам ас-Султания» аттуу китебинде халифанын милдеттеринин катарына: **«Ажыларды жөнөтүү, ажылык жолдорун коргоо, ажылык мезгилин уюштуруу жана адамдарга карата зулумдун алдын алуу»** кирерин айткан.

Бул сөздөр жөн гана теориялык пикирлер болгон эмес, тескерисинче, халифалардын өздөрүнүн иш-аракеттеринде чагылдырылган. Абу Бакр ас-Сыддык Пайгамбардын ﷺ көзү тирүүсүндө ажылыктын амири

болгон. Андан кийин келген халифалар да ажылыкка өзгөчө көңүл бурууну улантышкан. Умар ибн ал-Хаттаб ажылардын абалына өтө кылдат мамиле кылчу. Ал жолдорду текшерип, акимдерди көзөмөлдөп, Аллахтын Үйүнө сапар тарткан бирер мусулмандын зулумдукка же кыйынчылыкка дуушар болушунан корккон. Анын жоопкерчилик сезими ушунчалык күчтүү болгондуктан, ал мындай деген: «Эгер Иракта бир качыр мүдүрүлүп кетсе, Аллах менден: "Оо, Умар! Эмне үчүн ага жолду түздөп берген жоксуң?" - деп сурашынан коркомун». Анда Аллахтын Үйүнө чөлдөрдү жана ар кандай коркунучтарды басып өткөн оор сапарга багыт алган адам тууралуу эмне десе болот?!

Халифалык мамлекетинин тарыхын окуган адам ажылык маселеси эч качан экинчи даражадагы иш болбогонун түшүнөт. Мамлекет жолдорду салууга, эс алуу жайларын курууга, кудуктарды казууга жана ажылык кербендерин аскердик жактан коргоого ири каражаттарды жумшаган. Ирак, Шам, Мисир жана Йеменден чыккан чоң ажылык кербендери мамлекеттин коргоосу жана камкордугу алдында жүрүшчү. Анткени ажыларга кол салуу же аларды коркунучтун, ачарчылыктын жана чаңкоонун курмандыгы кылуу башчынын өзү үчүн саясий маскаралык катары эсептелген. Ал тургай, кээ бир халифалар ажылыкка эл менен кошо чыгышкан. Бул бийлигин көрсөтүү үчүн эмес, тескерисинче, калк менен бирге ушул ибадатты аткаруу жана имамдын Үммөттөн бөлүнүп турган адам эмес экенин сездирүү үчүн болгон.

Аббасийлер Халифалыгы доорунда ажылыкка көрүлгөн камкордук уюштуруу жана тейлөө жагынан эң жогорку деңгээлге жеткен. Ажылык жолдоруна кербен сарайлар жана токтоочу жайлар курулуп, жол көрсөткүч белгилер орнотулуп, суу берүүчү жайлар уюштурулган. А түгүл мамлекетке жакын айрым аялдар ажыларга кызмат кылуу жаатындагы сооптуу иштерде бири-бири менен жарышышкан. Алардын эң белгилүүлөрүнүн бири Зубайда бинт Жаъфар болгон. Ал Меккеде жана ыйык жайларда ажыларды суу менен камсыз кылуу үчүн «Зубайданын булагы» долбоорун курууга өтө чоң каражат сарптаган.

Бул иштердин баары экономикалык пайда же үгүт-насааттык максат үчүн эмес, ажыларды тейлөө эң улуу ибадаттардын жана бийликтин эң улуу жоопкерчиликтеринин бири деген түшүнүктөн улам жасалган.

Халифалар ажы Аллахтын коногу экенин, ал эми мамлекет эки ыйык жайдын ээси эмес, тескерисинче алардын кызматчысы экенин жакшы түшүнүшкөн. Ошондуктан ажылык маселесинде халифанын мамилеси артыкчылык, үстөмдүк жана толук көзөмөл жүргүзүү мамилеси эмес, кызмат кылуу жана камкордук көрүү мамилеси болгон.

Мурунку доорлордо жол азабы оор, сапар кооптуу болгонуна карабастан, адамдар мамлекет аларга Аллахтын Үйүнө жетүүнү

татаалдаштырууга эмес, жеңилдетүүгө аракет кылып жатканын сезишчү.

Ал эми бүгүнкү күндө көптөгөн мусулмандар ажылыктын учурдагы абалына кайгы жана өкүнүч менен карашат. Анткени технологиянын зор өнүгүшүнө, транспорт каражаттарынын өркүндөшүнө жана мамлекеттердин мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишине караганда, Халифалык дооруна салыштырмалуу ажылыкка жетүү кыйла жеңил болушу керек эле. Бирок чыныгы абал мындан кыйла татаал экенин көрсөтүүдө. Миллиондогон мусулмандар административдик, каржылык жана саясий чектөөлөргө туш болуп, ажылык алар үчүн жетиши кыйын болгон кыялга айланып калды.

Көптөгөн өлкөлөрдө ажылык узакка созулган жол-жоболор, чектелген квоталар жана жылдарга созулган күтүү менен байланышып калды. Мындан тышкары, жогорку чыгымдар жакырларга жана кирешеси аз адамдарга оор жүк болууда. Айрым мусулмандар өмүр бою Аллахтын Үйүнө барууну эңсеп өтүшөт. Бирок кымбат төлөмдөр, уюштуруу жактан татаал чектөөлөр же саясий чектөөлөр алардын бул тилегине тоскоол болот. А түгүл кээ бирөөлөр ажылык жалпы Үммөт үчүн ачык ибадат болуудан чыгып, жетиштүү акчасы же зарыл таасири бар адамдар гана жете ала турган артыкчылыкка айланды деп эсептей башташты.

Албетте, азыркы доордо ажылыкты уюштуруу болуп көрбөгөн чоң кыйынчылыктарга туш болууда. Бүгүнкү күндө ажылардын саны миллиондор менен эсептелет, тыгындан жана кырсыктардан келип чыга турган коркунучтар бар, ал эми мындай көп элдин коопсуздугун камсыз кылуу чоң мүмкүнчүлүктөрдү жана татаал уюштурууну талап кылат. Ал жактагы бийлик тарабынан административдик уюштуруу иштеринин жүргүзүлүшү, инфраструктуранын өнүктүрүлүшү, көпүрөлөрдүн, поезддердин жана заманбап объектилердин курулушу аркылуу көп сандаган ажыларга кызмат көрсөтүлгөнүнө карабастан, бул жетишсиз болуп жатат. Алардын колундагы мүмкүнчүлүктөргө салыштырмалуу бул жааттагы кемчиликтер ачык көрүнүп турат.

Көптөгөн мусулмандар сезген негизги маселе уюштуруу иштерине гана эмес, ажылык кандай рух менен башкарылып жатканына да байланыштуу. Анткени алгачкы халифалардын түшүнүгү менен азыркы көпчүлүк режимдердин түшүнүгүнүн ортосунда чоң айырма бар. Халифалар адамдарга ибадатты жеңилдетүүгө жооптуу экенин шаръий милдет катары түшүнүп иш алып барышса, бүгүнкү күндө ажылыкка болгон мамиледе көбүнчө пайда мүнөзү үстөмдүк кылууда. Ошондуктан айрым мусулмандар ажы чоң системанын ичиндеги жөн гана «санга» айланып калганын, ал эми саясий жана каржылык

кызыкчылыктар ырайымдуулук жана жеңилдетүү рухунан жогору коюла баштаганын сезишет.

Ислам тарыхында халифа ажы адам жолдо мүдүрүлүп кетсе өзү да жоопко тартылып калуусунан корккон. Ал эми бүгүнкү күндө көптөгөн режимдер ажыларга көбүнчө катаал жана орой административдик жол-жоболордун негизинде мамиле кылышат. Натыйжада адамдар Ислам үндөгөн жумшактык менен жеңилдетүү рухун ар дайым эле сезе беришпейт.

Момундардын Энеси Аиша бинт Абу Бакрдан риваят кылынган сахих хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген:

اللهم من ولي من أمر أمتي شيئًا فشق عليهم فاشقق عليه، ومن ولي من أمر أمتي شيئًا فرفق بهم فارفق به

**«Оо, Аллах! Ким менин Үммөтүмдүн кайсы бир ишине башчы болуп, аларга оорчулук жаратса, Сен да ага оорчулук жарат. Ал эми ким менин Үммөтүмдүн кайсы бир ишине башчы болуп, аларга жумшак мамиле кылса, Сен да ага жумшак мамиле кыл».** (Муслим риваят кылган).

Бул хадис башкаруу жана бийлик жүргүзүүдөгү улуу негизди баяндайт. Ага ылайык, бийликтин негизи адамдарды кыйноо жана оорчулукка салуу эмес, аларга ырайым кылуу жана иштерин жеңилдетүү болушу керек.

Өкүнүчтүүсү, ажылык — дин түркүктөрүнүн бири жана мүмкүнчүлүгү жеткен адам үчүн негизги өкүм — жеңилдетүү болгонуна карабастан, бүгүн айрым мусулмандар үчүн Аллахтын Үйүнө жетүү дүйнөнүн башка көптөгөн жерлерине барууга караганда кыйыныраак болуп калгандай. Албетте, мүмкүнчүлүктүн болушу шаръий шарт. Бирок жакырчылык же оору себеп болгон табигый түрдө мүмкүнчүлүктүн жоктугу менен татаал административдик системалардын, оор төлөмдөрдүн жана чектөөчү саясаттардын айынан пайда болгон мүмкүнчүлүктүн жоктугу ортосунда чоң айырма бар.

Ошондой эле саясий кызыкчылыктардын ушул ибадаттагы Үммөттүн биримдигинен жогору коюлушу — бүгүнкү ажылыктын рухуна эң чоң коркунуч келтирген нерселердин бири. Анткени ажылык өз маңызында мусулмандарды таухиддин негизинде жана Аллах үчүн гана чын ихлас менен бириктирген ибадат болуп саналат. Ал улутчулдук жана саясий бөлүнүүлөрдөн алыс болушу керек. Бирок азыркы учурда ажылык көп учурда аймактык жаңжалдардын жана мамлекеттер аралык келишпестиктердин таасиринде калып, айрым ажылар мамлекеттер ортосундагы саясий чыңалуулардын курмандыгына айланып калышат.

Башчынын ажыларга карата жоопкерчилигинин чыныгы исламий маанисин кайра жандандыруу бүгүнкү күндүн негизги талабы болуп саналат. Бул мейманканаларды, көпүрөлөрдү же электрондук системаларды көбөйтүү менен гана чектелбестен, Халифалык мамлекетинин тарыхындагы көптөгөн доорлордо өкүм сүргөн камкордук рухун кайра кайтарууну талап кылат. Ал доорлордо башчы өзүн, эң оболу, ажынын бейпилдиги, кадыр-баркы жана коопсуздугу үчүн жооптуу деп эсептеген.

Бүгүн Ислам Үммөтү заманбап уюштуруу талаптары менен ажылыктын шаръий максатынын ортосундагы тең салмактуулукту кайра калыбына келтирүүгө муктаж. Анткени ажылык кандайдыр бир элитанын артыкчылыгы же уруучулук негизинде бөлүнүүнүн каражаты эмес, жеңилдетилген ибадат болуп эсептелет. Ажылык экономикалык долбоор да эмес, бийликти жана үстөмдүктү көрсөткөн иш-чара да эмес. Ал – мүмкүнчүлүгү бар мусулмандардын шаръий акысы. Негизи башкаруу Батыштагы кафирлерге моюн сунган адамдардын колунда калбастан, мусулмандар өз ээлерине кайтышы керек. Алар ажылык мезгилин мусулмандарды кысымга алуу, муунтуу жана Аллах уруксат бербеген жол-жоболор аркылуу басынтуу мүмкүнчүлүгүнө айландырбашы керек.

Кааба кылымдар бою мусулмандардын биримдигинин символу жана жүрөктөрү эңсеген жай болуп келди. Кандай гана чектөөлөр жана тоскоолдуктар күч албасын, мусулмандар ага болгон сагынычын жоготушпайт. Бирок тарых өзүн Аллахтын конокторунун кызматчысы деп эсептеп, алардын машакатын жеңилдетүүгө аракет кылган башчы менен Аллахтын Үйүнө барчу жолду тоскоолдуктарга, чыгымдарга жана татаалдыктарга толтурган башчынын ортосун ар дайым айырмалап турат. Анткени Исламдагы бийлик жөн гана макам эмес, ал оор аманат. Бул аманаттын эң улуу көрүнүштөрүнүн бири – мусулманга өз Роббисине ибадат кылууга жардам берүү, ага жетүү жолунда аны кыйноого салбоо.

Бул мусулмандардын иштерин өз колуна алган адамдардын начар камкордугунун бир мисалы. Алар өз бийлигин мусулмандардын өмүрүнөн жана мал-мүлкүнөн пайдалануунун, аларды барксыз көрүүнүн булагына айландырышты. Ошондуктан ушул улуу ибадат мусулмандарды кандай бириктирсе, дал ошондой эле бүгүн Үммөт да бул зулумдукка жана бөлүнүүгө каршы туруп, өлкөлөрдү бир мамлекетке, бир роя астына жана бир халифанын башкаруусуна бириктирүүгө олуттуу аракет кылышы керек...

Оо, Аллах! Бизди Өз диниңе кызмат кылгандардан кыл, бизди алмаштырба. Үммөтүбүздү иштерибизге кам көргөн жана арабызда

жакшылыкты жайылтууга аракет кылган бир халифанын алдында бириктир. Оо, Аллах! Аамиин, аамиин, ааламдардын Роббиси!

Ишеничтүү жол башчыбыз Мухаммадга ﷺ, анын үй-бүлөсүнө жана бардык сахабаларына Аллахтын саламы жана салаваты болсун. ❑

# АЖЫЛЫК МЕЗГИЛИНЕН МАМЛЕКЕТ КУРУУГА ЧЕЙИН: ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫ КУРУУНУ СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДОО

**Инженер Висам аль-Атраш**

Көпчүлүк адамдар майрамдарда жана чоң диний иш-чараларда эс алып, майрамдоого жана убакыттын күнүнө какталып бат эле соолуп, шамалга учкан убактылуу турмуштун майда-чүйдө иштерине алаксып жатканда, улуу даават ээлери жана чыныгы мамлекет ишмерлери таптакыр башка дүйнөдө жашашат. Ал дүйнөдө келечек жөнүндө сөз кылышып, хазарий курулуштун пландарын чийип, эч нерсеге алаксыбаган көздөрү жана чарчоону билбеген жүрөктөрү менен геосаясий карталарды изилдешет. Анткени улуу дааваттар эс алуу мезгилин тааныбайт. Себеби алар өзөгүндө бүтүндөй Үммөттүн түйшүгүн жана замандар аркылуу уланып, мейкиндиктин чектеринен ашкан рисалатты көтөрүп жүрүшөт. Ошондуктан вахийдин алгачкы таңында Пайгамбардын ﷺ Хадижа бинт Хувайлидге رضي الله عنها:

“**مَضَى عَهْدُ النَّوْمِ يَا خَدِيجَةُ**”

**“Оо, Хадижа, уйкунун убактысы өттү”**, - деп айткан сөзү өзгөрүү жолунда эч качан багынбай тургандыгын, тарыхты жаратуу боштукту кабыл албастыгын жана өмүр сааттары ушунчалык кымбат болгондуктан, аларды кайдыгерлик менен текке кетирбөө керектигин ачык жарыялоо эле. Ал тургай, адамдар оюн-зоокко берилип, негизги маселелерден алаксып кеткен учурларда да өмүрдүн ар бир көз ирмеми баалуу болуп, аны кайдыгерлик менен текке кетирүү момун үчүн мүмкүн эмес амал экенин билдирүү болгон.

**Стратегия: түшүнүктөн колдонууга чейин**

Негизги темага өтүүдөн мурун, бүгүнкү күндө кеңири колдонулуп калган «стратегия» түшүнүгүнө токтоло кетүү зарыл. Анткени көп адамдар бул сөздү азыр анын чыныгы маанисине ылайык келбеген таризде колдонуп жүрүшөт. «Стратегия» сөзүнүн түпкү теги грек тилинен чыккан. Ал аскердик термин болуп эсептелет жана эки сөздөн түзүлгөн: «стратос» — «аскер», «агос» — «кол башчы» дегенди билдирет. Ошентип, анын терминологиялык мааниси «аскерлерди башкаруу өнөрү» же «согуш өнөрү» болуп калган. Кийинчерээк заманбап доордо бул түшүнүк саясат, экономика жана башкаруу тармактарындагы узак мөөнөттүү пландаштырууну да камтый баштады. Натыйжада стратегия төмөнкүчө аныкталып калды: «Улуу максаттарды аныктоо, ресурстарды бөлүштүрүү жана өзгөрмөлүү шарттарда, белгилүү бир душманга каршы, узак мөөнөттүү келечекти эске алуу менен ошол максаттарга жетүү үчүн каражаттарды колдонуу өнөрү».

Бул түшүнүккө назар салсак, анын Мухаммад ﷺдын сийратына толук туура келерин көрөбүз. А түгүл согуш философтору менен саясатчылар өз теорияларын иштеп чыга электе эле, ал ﷺ стратегияны толук маанисинде колдонуп келген. Бирок негизги айырмачылык — Пайгамбардын ﷺ стратегиясы илахий вахийден алынган жана шарият өкүмдөрү менен жөнгө салынган болчу. Ал эми тактикалык маселелерде жана вахий тарабынан аныкталбаган майда-барат иштерде дааваттын жана мусулмандардын кызыкчылыгына ылайык ижтихад кылчу. Мисалы, аскер лагерин жайгаштыра турган жерди тандоодо, күзөтчүлөрдү бөлүштүрүүдө же согуш жүргүзүү ыкмасын аныктоодо сахабалары менен кеңешип:

**«أَشِيرُوا عَلَيَّ أَيُّهَا النَّاسُ»**

**«Эй, адамдар, мага кеңеш бергиле»**, - дечү. Ал эми Бадр согушунда:

**«بَلْ هِيَ الْحَرْبُ وَالرَّأْيُ وَالْمَكِيدَةُ»**

**«Жок, бул — согуш, пикир жана айла-амал»**, - деген. Башкача айтканда, согуш туура пикир, ахлул-халли вал-акд өкүлдөрүнүн биргелешкен кеңеши жана душманды алдоого багытталган мыкты айла-амал аркылуу жүргүзүлөт.

Бул улуу негизги эреже бизге Пайгамбардын ﷺ вахийди бекем кармануу менен, ошол эле учурда, вахийде насс менен көрсөтүлбөгөн аткаруудагы майда-чүйдө маселелерде өз ижтихадын кандай кылганын түшүндүрүп берет. Анткени вахий улуу багытты т.а. Үммөттүн жер жүзүндө бийликке ээ болорун, мамлекет куруларын жана диндин бардык диндерден үстөм болорун белгилеп гана тим болбостон, мамлекет куруунун жалпы негизги багыттарын, башкача айтканда, шаръий тарыйкатын да аныктаган. Ал — сакофаттандыруу аркылуу адамдарды тарбиялоо жана хизбий уюшууну куруу баскычынан баштап, коом менен аракеттенүү, фикрий күрөш, саясий күрөш, күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылуу, андан соң бийликти колго алуу баскычына чейинки жол. Ал эми бул иштер кандайча ишке ашырылат? Жолугушуу кайсы жерде болот? Байъат качан берилет? Жашыруун аракеттер кандайча уюштурулат? Милдеттер кимге тапшырылат? Аймактагы күчтөрдүн тең салмактуулугу кандай? Ушулардын баары Пайгамбардын ﷺ пикири, кеңеши жана согуштук-саясий айла-амалына байланыштуу болгон.

Дал ушул пайгамбарлык манхаж вахийди өз доору менен гана чектелген тарыхый насс катары кароого батынган бардык теорияларды жокко чыгарат. Ошондой эле шаръий тарыйкатты, пайгамбарлык стратегияны жана амалий сүннөттү бүгүнкү капиталисттик түзүмдүн вакыйлыгына ылайык алмаштырууга боло турган тактикалар катары

көрсөтүүгө аракет кылган көз караштарды да четке кагат. Алар муну «вакыйлык фикхи», «натыйжаларды эске алуу фикхи» же «зарылчылыктар тыюу салынган нерселердин баарын адал кылат» деген түшүнүктөрдүн астында актоого аракет кылышат.

**Ажылык – жөн гана ибадат мезгили эмес, стратегиялык майдан**

Исламдан мурунку араб коомунда ажылык мезгили жөн гана диний жөрөлгөлөрдөн же катып калган бутпарастык ырым-жырымдардан турган эмес. Тескерисинче, ал кан төгүүлөр, байлыктар, сунуштар жана союздар топтолгон, бардык элдин көз алдында эрктер менен кызыкчылыктар кагылышкан борбордук окуя болгон. Уруулардын өкүлдөрү Меккеге келип, Каабанын айланасына чогулушчу. Ачык мейкиндикте делегациялар бири-бири менен атаандашып, ибадат саясат менен жанаша орун алып, диний символизм уруулук түшүнүк жана таасир-күчтүн үстөмдүгү менен айкалышчу. Ал эми ташрик күндөрү б.а. курмандык чалынган күндөн кийинки күндөр бул коомдук кыймылдын эң жогорку чеги болгон. Анткени ал күндөрү диний ибадаттар сүйлөшүүлөр менен аралашып, союздар түзүлүп, күчтөрдүн тең салмактуулугу сыналган.

Мына ушул ыңгайлуу мүмкүнчүлүктү Пайгамбар ﷺ көз жаздымда калтырган эмес. Тескерисинче, аны рисалатты жеткирүүнүн, нусрат талап кылуунун жана али жарала элек мамлекеттин алгачкы пайдубалдарын түптөөнүн ири стратегиялык аянтына айландырган.

Ал эми Курани Карим бул мезгилдин табиятын жана маанисин Ибрахим алейхис саламдын чакырыгы тууралуу төмөнкү аятта баяндайт:

﴿وَأَذِّن فِي النَّاسِ بِالْحَجِّ يَأْتُوكَ رِجَالاً وَعَلَىٰ كُلِّ ضَامِرٍ يَأْتِينَ مِن كُلِّ فَجٍّ عَمِيقٍ﴾

***“Жана адамдар арасында** (жүрүп, аларды) **ажыга чакыргын, алар сага** (сенин чакырыгыңа жооп ирээтинде) **жөө-жалаңдап жана узак жолдордон арып, алдан тайган төөлөр үстүндө келишет”***. (Хаж: 27).

Бул Меккеде түшкөн аят адамдарды Араб жарым аралынын бардык тарабынан жана анын сыртынан ажылыкка үндөгөн жалпы чакырык болгон. Ошондуктан Мекке жыл сайын ири саясий, экономикалык жана диний борборго айланган. Бул абал хижраттын экинчи жылында курмандык чалуу фарз кылынганга чейин жана хижраттын тогузунчу жылында мусулмандарга ажылык фарз болуп, ал «коомдук диний салттан» Ислам өкүмдөрү менен жөнгө салынган «толук кандуу шаръий ибадат системасына» айланганга чейин уланган.

**Нусрат талап кылуудан кемчиликтүү коргоону**ну **четке кагууга чейин**

Пайгамбар ﷺ эң башынан эле рисалат аны өз кучагына ала турган саясий таянычсыз жана коргой турган күчсүз узак мөөнөттүү цивилизациялык долбоорго айлана албасын түшүнгөн. Ошондуктан ал ﷺ дааватын терең түшүнүк менен пландап, ар бир баскычта вахийди күтүп турган. Ошол эле учурда, ал ﷺ бир күнү ажамдардан *(араб эместер*) жизья алына турган учур сөзсүз келерин даана билген. Ошондуктан ал ﷺ агасы Абу Талибге мындай деп ачык айткан:

**«يَا عَمِّ، إِنِّي إِنَّمَا أُرِيدُهُمْ عَلَى كَلِمَةٍ وَاحِدَةٍ، تَدِينُ لَهُمْ بِهَا الْعَرَبُ، وَتُؤَدِّي إِلَيْهِمْ بِهَا الْعَجَمُ الْجِزْيَةَ».**

**«Эй, агам! Мен аларды бир гана сөзгө чакырып жатам. Ошол сөз аркылуу арабдар аларга баш ийишет, ал эми ажамдар аларга жизья төлөшөт»**.

Пайгамбарлыктын онунчу жылында Пайгамбар ﷺ ажылык мезгилинде ар кайсы урууларга барып, өзүн сунуштап, Аллахтын буйругуна ылайык бул долбоорду көтөрө ала турган саясий жана аскердик күчтөргө кайрылган. Бул тууралуу ал-Хаким ан-Найсабури жана ал-Байхаки Али ибн Абу Талибден رضي الله عنه риваят кылышкан хадисте айтылган:

**«لَمَّا أَمَرَ اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ نَبِيَّهُ ﷺ أَنْ يَعْرِضَ نَفْسَهُ عَلَى قَبَائِلِ الْعَرَبِ خَرَجْتُ أَنَا وَأَبُو بَكْرٍ مَعَهُ»**

**«Аллах Азза ва Жалла Өзүнүн Пайгамбарына ﷺ араб урууларына өзүн сунуштоону буюрганда, мен жана Абу Бакр ас-Сыддык аны менен бирге чыктык»**.

Ар кандай урууларга берилген суроолор негизинен үч маселеде камтылган: силердин саныңар канча? Согушуу жөндөмүңөр кандай? Ислам жөнүндө көз карашыңар кандай? Булар өтө так стратегиялык суроолор болуп, Пайгамбар ﷺ эң көп жолдоочуларды издеп жүргөн жөн гана дааватчы эмес, мамлекет ишмери катары ой жүгүрткөнүн көрсөтөт. Муну менен эле чектелбестен, Пайгамбар ﷺ ажылык мезгилинде Бану Амир ибн Саъсаъа уруусуна барып, аларды Аллахка чакырып, өзүн аларга сунуштаган. Ошондо алардын арасынан Бухайра ибн Фирас аттуу киши чыгып мындай деди: «Эгер биз сага ушул ишиң үчүн байъат берип, андан кийин Аллах сени сага каршы чыккандардын үстүнөн жеңишке жеткирсе, сенден кийин бийлик биздики болобу?».

Ошондо Пайгамбар ﷺ ага мааниси терең, чечкиндүү жооп кайтарды:

**«الْأَمْرُ إِلَى اللَّهِ، يَضَعُهُ حَيْثُ يَشَاءُ»**

**«Бийлик Аллахтын колунда. Ал аны Өзү каалаган кишисине берет»**.

Анда Бухайра: «Демек, биз арабдардын алдында өмүрүбүздү тобокелчиликке салып, сени коргойбуз, ал эми Аллах сага жеңиш бергенден кийин бийлик башкаларга берилеби? Андай болсо сенин ишиңдин бизге кереги жок», - деди. Ушундайча Бану Амир уруусу

нусрат берүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарып жиберди. Анткени алар дин үчүн дунявий пайда талап кылышты. Ал эми Пайгамбар ﷺ улуу хазарий долбоорду тез өтүп кетүүчү дунявий пайдага алмаштыруудан баш тартты.

Ал эми Бану Шайбан тууралуу окуяда мамлекетти тикелөөчүлөр үчүн чоң сабак бар. Алар Пайгамбарды ﷺ Араб жарым аралынын ичинде коргоого даяр экендиктерин билдиришкен. Бирок Кисрадан корккондуктан, перстерге каршы согушка кирүүдөн баш тартышкан. Алар: «Биз сени "Араб деңизи" тарапта коргой алабыз, бирок "Перс деңизи" тарапта коргой албайбыз», - дешкен.

Бул алардын аймактагы күчтөрдүн тең салмактуулугун жана перстердин үстөмдүгү алдында өздөрүнүн аскердик жана саясий мүмкүнчүлүктөрү чектелүү экенин түшүнгөнүн көрсөтөт. Бирок Пайгамбар ﷺ нусратка абдан муктаж болгонуна карабастан, жарым-жартылай коргоону же келечеги чектелген долбоорду кабыл алган эмес. Анткени ал уруучулук тар эсептерден жогору турган рисалат мамлекетин куруп жаткан.

Чыныгы мамлекет ишмерлери да дал ушундай болушат: алар «коргоо» деген аталыш менен алсыздыкты бекемдеген жарым-жартылай чечимдерге макул болушпайт.

Пайгамбар ﷺ бул эки окуяда тең мамлекет куруучуларга улуу максаттарды арзан баага сатууга болбой турганын, ал эми туруктуу принциптерден баш тартуу долбоордун денесинен мурун анын рухун жоготорун үйрөттү. Себеби фикрат Аллахтын Элчиси ﷺ Меккеде курган мабдаий уюшуунун руху болуп эсептелет.

**Баалоо жана баскычма-баскычы менен пландаштыруу**

Биринчи Акаба байъаты иштин аягы эмес, тескерисинче, баалоонун, көзөмөлдөөнүн, уюшкан курулуштун жана жетишкен ийгиликтерди акырындык менен жамдоонун башталышы болгон. Пайгамбар ﷺ алгачкы саясий берилгендикке гана канааттанбастан, Мусъаб ибн Умайрды Ясрибге жөнөтүп, ага фикрий жана коомдук негизди түзүү милдетин тапшырган. Ал өзүнүн талкуулары жана коом менен болгон өз ара аракеттери аркылуу «саясий илимдер» боюнча чоң сабак калтырган. Бул аракет Пайгамбар ﷺ мамлекет жалаң саясий келишимдер менен же жөн гана ваъз жана насаат айтуу аркылуу курулбасын жакшы түшүнгөнүн көрсөтөт. Тескерисинче, мамлекет коомдук пикирди калыптандыруу, жалпы аң-сезимди түзүү жана долбоорду көтөрүп кете ала турган элитаны тарбиялоо аркылуу курулат. Мунун баары өзүнүн натыйжалуулугун жана пайдалуулугун көп жолу далилдеген жандуу, түздөн-түз байланыш ыкмасы аркылуу ишке ашкан. Анткени бул ыкма дааватты кабыл алуучулардын

реакциясын изилдөөгө жана фикрий-саясий талкуу ыкмаларын ошол замат жаңылап турууга, хикматты жана жакшы насаатты издөөгө мүмкүнчүлүк берген. Бул кадам жаңы чөйрөнү терең даярдоого окшош болгон. Максат – Исламий долбоорду кабыл алып, анын жоопкерчиликтерин көтөрө ала турган бекем коомдук базаны түзүү болгон. Мусъаб ибн Умайр болсо бул милдет үчүн эң ылайыктуу адам болгон. Анткени ал нур жүздүү, үнү жагымдуу, сөзү таасирдүү жаш жигит эле. Ал Куранды көркөм жана мыкты окучу. Бул тууралуу ансарлардын накибдеринин бири Асъад ибн Зурара мындай деген: «Аллахка ант болсун! Мен Мусъаб ибн Умайрдын Аллахтын Элчиси ﷺ өзгөчө көңүл бурган адамдардан экенин билчүмүн. Мен өмүрүмдө Куран окуп берген адамды мындан артык урматтаган элди көргөн эмесмин».

Пайгамбар ﷺ Ясрибге бардык жагынан өзгөчө инсанды жиберген. Ал аны билим жана кыраакылык менен тандап, жеңишке жеткирүүчү элчи кылды. Ал — Мусъаб ибн Умайр رضي الله عنه эле. Ал Курайштын эң жыргал жашаган жаш жигиттеринин бири болгон. Бирок Аллах үчүн дүйнөнүн жыргалчылыгынан өз ыктыяры менен баш тарткан. Ошентип, Пайгамбар ﷺ аны курмандыктын амалий мисалы жана лидерлерди тарбиялоонун үлгүсү кылды.

Ал Ясрибде бир жыл бою жашап, ошол убакыт ичинде Меккеге кайтып келген жок. Дал ушул бир жыл ичинде ал мүмкүн эместей көрүнгөн иштерди жүзөгө ашырды. Анын колу менен эл башчылары болгон Саъд ибн Муаз жана Усайд ибн Худайр Исламды кабыл алышты. Толук уруулар топ-тобу менен Аллахтын динине киришти. Натыйжада ансарлардын үйлөрүнүн арасында Исламын ачык жарыялаган мусулмандар жок бир дагы үй калбады. Ошондой эле ал мусулмандарга Ислам тарыхындагы биринчи жума намазын окуткан. Ошондуктан ага «аль-Мукри» («Куран окутуучу») деген наам берилген.

Ал Пайгамбардын ﷺ жанына кайтып келгенде, ал ﷺ ага кубанып, курулушту толуктоо үчүн кайрадан Ясрибге жөнөткөн. Кийинчерээк ал Ухуд согушунда шахид болгондо, Пайгамбар ﷺ ага кайгырып ыйлап, ал тууралуу ушул аятты окуган:

**﴿مِنَ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ﴾**

***«Момундар арасында өздөрү Аллахка берген*** *(Ал Заттын жолунда жихад кылып шахид болуу жөнүндөгү)* ***убада-шерттерин чындыкка чыгарган кишилер бар...».*** (Ахзаб: 23).

Бул чынчыл Пайгамбардын ﷺ өзүнүн чынчыл сахабасынын чынчылдыгына берген күбөлүгү эле. Ошондой эле бул чыныгы мамлекет ишмерлеринин баалуулугу алардын сөзүнөн мурда иши менен

далилденерин, аларды адамдардан мурун тарых тастыктарын көрсөтүп турат.

Андан кийин Экинчи Акаба байъаты болду. Анын артынан мусулмандардын акырындык менен хижрат кылуусу башталды. Андан соң болжол менен үч ай өткөндөн кийин Пайгамбар ﷺ өзү да хижрат кылды.

Бул мыкты уюштурулган ылдамдык жана саясий чечим менен аны талаада ишке ашыруунун ортосундагы баскычты өтө так башкаруунун үлгүсү болгон. Мындай деңгээлге бүгүнкү күндөгү көптөгөн уюмдар жете алышпайт. Анткени алар шашылыш аракеттердин, окуяларга реакция кылуунун жана баш-аягы жок айлампада айланып жүрүүнүн туткуну болуп, саясий обочолонуу абалында калып калышат.

**Акаба байъаты: ажылык мезгилиндеги так пландаштыруу**

Терең ой жүгүртүүгө түрткү берген бул окуяда «согуш байъаты» деп белгилүү болгон Экинчи Акаба байъаты ташрик күндөрүнүн экинчи күнү жүз берген. Ал убакта Курайш жана башка уруулар ажылык ибадаттары, саякаттары, көңүл ачуулары жана курмандык чалуулары менен алек болушкан. А түгүл курмандык союп, этин жеп жана күнгө кургатуу (ушундан улам «ташрик» — этти күнгө жайып кургатуу деген аталыш чыккан) жахилият доорунан бери арабдар арасында белгилүү салт болгон. Дал ошол учурда Пайгамбар ﷺ көрүнбөгөн жерде тарыхтагы эң маанилүү уюшулган иштердин бирин жүргүзүп жаткан. Бул Экинчи Акаба байъаты Биринчи Акаба байъатын бекемдеп, анын пайдубалынын үстүнө курулган так саясий жолдун бекем шакеги болгон.

Жолугушуу Минада түн ичинде өтө жашыруун өткөрүлгөн. Анын убактысы менен жери өтө кылдаттык менен белгиленген. Анткени бул сыр ачылып калса, күч топтолуп бүтө электе эле Курайш менен эрте кагылышууга алып келмек.

Ибн Исхак сийрат китебинде мындай дейт: «Пайгамбар ﷺ аларга ташрик күндөрүнүн ортосунда Акабада жолугушууну убада кылды. Адамдар ажылыкты бүтүрүп, түн киргенде, алар үйлөрүнөн жашыруун чыгып, Акабадагы капчыгайга чогулушту. Алар жетимиш үч эркек жана эки аял эле».

Мындан да таасирдүүсү — Экинчи Акаба түнүндө Пайгамбарга ﷺ байъат берген он эки накибдин бири болгон Кааб ибн Малик رضي الله عنه жолугушууга кантип жашыруун келгенин мындайча баяндайт: «Ал түнү уруубуз менен кошо чатырларыбызда жаттык. Түндүн үчтөн бири өткөндөн кийин Аллахтын Элчиси ﷺ менен жолугушууга чатырларыбыздан акырын чыгып, ката кушундай жашынып, бирден же экиден болуп жөнөдүк. Акыры Акабадагы капчыгайга чогулдук».

Кааб ибн Малик сүрөттөгөн бул көрүнүш бизге Пайгамбардын ﷺ пландаштыруусунун улуулугун, коопсуздук чараларынын кеңдигин жана анын сахабалары менен болгон өз ара ишенимин көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул моюн сунуу түшүнүгүнүн амалий көрүнүшү жана мамлекет башаламандыкта эмес, так себептерге таянуу, чын ихластуулук жана толук жашыруундук аркылуу курулгандыгынын тирүү далили.

Бул байъат жөн гана сезимге жетеленген кыска жолугушуу же руханий маек эмес болчу. Тескерисинче, ал коргоого, нусрат берүүгө жана алдыдагы кармаштын жоопкерчилигин көтөрүүгө негизделген толук кандуу саясий-аскердик союздун пайдубалы болгон. Мына ушунда убактылуу кыймылдар менен мамлекет курган түзүмдөрдүн айырмасы көрүнөт: биринчилери тез пайда издешсе, экинчилери тарыхый жеңиштин шарттарын курушат.

**Хижрат: тобокелчилик менен пландаштырууну айкалыштырган өзгөчө үлгү**

Андан кийин Пайгамбардын ﷺ хижраты болду. Ал талашсыз түрдө адамзат тарыхындагы эң улуу стратегиялык пландоо иштеринин бири болуп эсептелет. Анткени вахий менен колдоого алынган жана ага жеңиш убада кылынган Пайгамбар ﷺ асмандан муъжиза түшөрүн күткөн эмес т.а. себептерди четке каккан эмес. Тескерисинче, Аллах Тааланын ушул сөзүнө ылайык мүмкүн болгон бардык себептерди колдонгон:

**﴿وَأَعِدُّوا لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ﴾**

**“***(Эй момундар)***, алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч топтоп койгула”**. (Анфал: 60).

Ошондой эле Аллах Тааланын:

**﴿فَإِذَا عَزَمْتَ فَتَوَكَّلْ عَلَى اللَّهِ﴾**

«***Эми ниет кылсаң Аллахка таянгын – тобокел кылгын!***». (Али Имран: 159) - деген аятына амал кылган.

Эми көпчүлүк көңүл бурбай келген бул улуу пландын кылдат иштелип чыккан баскычтарын карап көрөлү.

**Биринчиден: убакытты өтө кылдат тандоо**

Пайгамбар ﷺ Курайш аны өлтүрүүгө кутум уюштурган соң белгилүү бир түндө хижрат кылууну тандаган. Алар ар бир уруудан бирден жаш жигитти чыгарып, баары бир убакта сокку уруп өлтүрүүнү макулдашышкан. Ошондо ушул аят түшкөн:

**﴿وَإِذْ يَمْكُرُ بِكَ الَّذِينَ كَفَرُوا لِيُثْبِتُوكَ أَوْ يَقْتُلُوكَ أَوْ يُخْرِجُوكَ وَيَمْكُرُونَ وَيَمْكُرُ اللَّهُ وَاللَّهُ خَيْرُ الْمَاكِرِينَ﴾**

«*(Эй Мухаммад)***, кафирлер сени туткун кылуу, же өлтүрүү, же** *(Мекkeден)* **чыгарып жиберүү үчүн сага айлакердик кылган чактарын**

***эсте! Алар айла кылышат. Аллах да «айла» кылат. Аллах «айлакерирээк».*** (Анфал: 30).

Аллах бул кутумду Пайгамбарына ﷺ билдиргенден кийин, ал ﷺ алардын өлтүрүүнү көздөгөн ошол эле түндө чыгууну пландаган.

**Экинчиден: милдеттерди өтө так бөлүштүрүү**

Дал ушул жерде Пайгамбардын ﷺ уюштуруу жаатындагы даанышмандыгы айкын көрүнөт.

Али ибн Абу Талибге رضي الله عنه Пайгамбар ﷺ өзүнүн төшөгүнө жатып, жашыл хадрамий чапанын жамынууну буюрган. Ошентип аңдып тургандар Пайгамбар ﷺ дагы эле үйүндө жатат деп ойлошу керек эле. Ал ﷺ ага мындай деген:

"نم على فراشي وتسجَّ ببردي هذا الحضرمي الأخضر، فإنه لن يخلص إليك منهم مكروه"

**«Менин төшөгүмө жат да, мына ушул жашыл хадрамий чапаныма орон. Алар сага эч бир жамандык жеткире алышпайт».**

Бул эң жогорку деңгээлдеги стратегиялык адаштыруу операциясы болгон. Али رضي الله عنه Пайгамбар ﷺ үчүн өз өмүрүн тобокелге салган.

Абу Бакр ас-Сыддык رضي الله عنه хижраттагы шериги болгон. Ал эки төө даярдап, азык-түлүк менен сууну камдап, жол көрсөтүүчү жалдаган.

Абдуллах ибн Абу Бакр رضي الله عنه зирек жана кыраакы жаш жигит болгон. Пайгамбар ﷺ ага чалгындоо милдетин тапшырган. Ал күндүзү Меккеде калып, Курайш кафирлеринин кандай кутум жана пландарды талкуулап жатканын угуп, түнкүсүн үңкүргө келип, жаңы кабарлардын баарын жеткирип турган.

Амир ибн Фухайра رضي الله عنه Абу Бакрдын азат кылынган кулу болгон жана кой кайтарууга өтө чебер эле. Ал күндүз үңкүрдүн жанында кой жайып, түнкүсүн алардын сүтүн жана азыгын алып келип турган. Ошентип ал камсыздоо милдетин ийгиликтүү аткарган.

Асма бинт Абу Бакр رضي الله عنها кайраттуулугу жана акылмандыгы менен өзгөчөлөнгөн инсан эле. Анын милдети Курайшка байкатпастан үңкүргө тамак-аш жеткирүү болгон. Ал төөсүнүн курун экиге бөлүп, аны менен азык-түлүктү байлап алгандыктан, «Затун-нитакайн» («Эки курдун ээси») деген лакапка ээ болгон.

**Үчүнчүдөн: мусулман болбогонуна карабастан кесипкөй жол көрсөтүүчүнү жалдоо**

Пайгамбар ﷺ Абдуллах ибн Урайкытды жалдаган. Ал Бану Дайл уруусунан болгон мушрик эле. Бирок жолдорду мыкты билген тажрыйбалуу жол көрсөтүүчү болгон. Пайгамбар ﷺ ага:

**"ارتحل بنا بعد ثلاثٍ، خذ بنا على طريق غير معتادة، موعدنا غار ثور"**

**«Үч күндөн кийин бизди алып чык. Бизди адаттан тыш жол менен башта. Жолугуша турган жерибиз — Савр үңкүрү»**, - деген.

Бул маанилүү сабакты көрсөтөт: мамлекет ишмери техникалык маселелерде, акы төлөп болсо да, кесипкөй адистердин кызматынан пайдалануудан тартынбайт.

**Төртүнчүдөн: адаттан тыш жол менен жүрүү**

Пайгамбар ﷺ Ясрибге алып барган түз жолду тандаган эмес. Тескерисинче, ал Кызыл деңиздин жээгин бойлой өткөн сейрек колдонулган жээк жолу менен жүргөн. Адегенде түштүккө, андан соң чыгышка бурулган. Мунун максаты Курайш аңдып турган кербен жолдорунан качуу болгон.

**Бешинчиден: үңкүрдө үч күн калуу**

Пайгамбар ﷺ менен анын шериги Савр үңкүрүндө үч күн болушкан. Бул куугунтукка түшкөндөрдү адаштыруу үчүн жасалган тактикалык жашынуу болгон. Алар Пайгамбар ﷺ алыска кетип калды деп ойлошу үчүн ушундай кылынган. Андан кийин башка жол аркылуу чыгышкан.

Ошол эле учурда Курайш аларды жан үрөп издеп, ким кармап келсе, ага жүз төө сыйлык берерин жарыялаган.

Ушул улуу учурда төмөнкү аят түшкөн:

﴿إِذْ يَقُولُ لِصَاحِبِهِ لَا تَحْزَنْ إِنَّ اللَّهَ مَعَنَا﴾

“***Ошондо алар экөө үңкүрдө турган чактарында жолдошуна: «Кейибе, албетте Аллах биз менен бирге», дегенде...”.*** (Тообо: 40).

**Алтынчыдан: маалыматтын толук жашыруун болуусу**

Бул пландын бардык майда-баратын Пайгамбар ﷺ өзү милдет жүктөгөн адамдардан башка эч ким билген эмес. Бул деталдардын баары Аллахтын убадасына болгон ыйман эч качан себептерди четке кагууга чакырбаганын, тескерисинче, тобокелчилик менен себептерди мыкты колдонуу, Аллахка болгон ишеним менен ишти эң жогорку деңгээлде аткарууну айкалыштырууга чакырганын далилдейт.

Мамлекет куруучусуна дал ушундай ой жүгүртүү мүнөздүү. Ал өз долбоорун куру кыялдарга эмес, бекем негиздерге жана туруктуу пайдубалдарга курат. Ошондой эле бул окуя хижрат жөн гана жөргөмүш менен көгүчкөн тууралуу баян эмес экенин көрсөтөт. Тескерисинче, ал мамлекет жана имаматтын түптөлүшү болгон. Ал бардык саясий жагдайлар менен өзгөрүүлөрдү эске алган стратегиялык план боюнча курулуп, мамлекеттин жана цивилизациянын таяныч борбору катары Мадина тандалган. Ошол эле учурда жеңиш жалгыз Аллахтын колунда экенине толук ишеним болгон.

**Хижрий жыл санагы: материалдык окуядан жогору турган символдук аң-сезим**

Хижрат жөн гана Мадинага жеткен күндү белгилеген тарыхый окуя бойдон калбастан, жаңы доордун башталышына айлангандыгы бул окуянын стратегиялык тереңдигин дагы бир жолу айгинелеген факт

болуп саналат. Умар ибн аль-Хаттабдын رضي الله عنه доорунда хижрий жыл санагы кабыл алынганда, хижрат иш жүзүндө Робиъул-аввал айында болгондугуна карабастан, жылдын башталышы катары Мухаррам айы тандалган.

Умардын رضي الله عنه мындай дегени риваят кылынган: «Хижрат акыйкат менен батылды ажыратты. Ошондуктан жыл саноону ошондон баштагыла».

Бул тандоо өтө терең башкаруучулук жана символдук аң-сезимди көрсөтөт. Жаңы баскычтын башталышы Мадинага жеткен учур эмес, тескерисинче, Экинчи Акаба байъаты калыптанган ажылык мезгилинен башталган жана андан кийин мамлекетке карай өтүү процесси башталган бүтүндөй жол болгон. Бул саясий убакытты өз-өзүнчө окуялар катары эмес, бир бүтүн процесс катары караган стратегиялык көз караш. Ошондой эле рошид халифа Умар ибн аль-Хаттабдын رضي الله عنه саясий чечими себептүү мусулмандар он төрт кылымдан ашуун убакыттан бери ушул хижрий жыл санагын колдонуп келишет. Бул аркылуу алар ошол тарыхтын улуулугун ар дайым эстеп турушат.

**Курандагы өзүн-өзү баалоо: долбоордун үзгүлтүксүз уланышынын сыры**

Бул тажрыйба пландоо жана аткаруу менен гана чектелбестен, стратегиялык өзүн-өзү баалоонун так системасын түзгөндүгү да анын эң сонун өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Анткени Куран Карим жеңиштерди гана баяндап койгон эмес. Ал жаңыдан түзүлүп жаткан коомдун саясий, аскердик жана тарбиялык ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз талдап, баалап турган.

Аллах Таала Бадр согушунан кийин мындай дейт:

**﴿يَسْأَلُونَكَ عَنِ الْأَنفَالِ قُلِ الْأَنفَالُ لِلَّهِ وَالرَّسُولِ﴾**

«*(Эй Мухаммад),* ***сенден олжолор жөнүндө сурашат. Айткын: «Олжолор Аллахка жана пайгамбарга таандык***». (Анфал: 1).

Бул аят айрым мусулмандардын арасында олжолорду бөлүштүрүү боюнча пикир келишпестик пайда болгондон кийин түшкөн. Ошентип, вахий биринчи чоң аскердик жеңиштен кийин жаралган чыныгы кемчиликти оңдоп, коомдун багытын кайрадан жамааттын биримдигине, тартипке жана жалпы Үммөттүн максатын жеке кызыкчылыктардан жогору коюуга бурган.

Андан кийин Ухуд согушу Курандагы саясий жана аскердик ийгиликсиздиктин себептерин талдоонун эң ачык үлгүсүн көрсөттү.

Аллах Таала мындай дейт:

**﴿حَتَّىٰ إِذَا فَشِلْتُمْ وَتَنَازَعْتُمْ فِي الْأَمْرِ وَعَصَيْتُم مِّن بَعْدِ مَا أَرَاكُم مَّا تُحِبُّونَ﴾**

«***Тээ суздук кылып*** *(пайгамбар алайхиссаламдын)* ***буйруктары тууратында талашып-тартышкан жана Аллах силер жакшы***

***көргөн нерсени** (жеңишти) **көзүңөргө көрсөтүп койгондон кийин пайгамбардын буйругунан баш тарткан кезиңерге чейин** (бул үстөмдүгүңөр улана берди)».* (Али Имран: 152).

Бул аят жеңилүүнүн себептерин өтө так аныктап берген: уюштуруу жаатындагы алсыздык; ички келишпестик; жетекчиликке баш ийбөө; убактылуу дунявий пайдага берилүү. Бул вахий тили менен берилген толук кандуу стратегиялык баалоо болгон. Ал эми башка бир аятта Аллах Таала айрым момундарды жума хутбасы учурунда соодага алаксып кеткендиги үчүн эскертип, мындай дейт:

﴿وَإِذَا رَأَوْا تِجَارَةً أَوْ لَهْواً انفَضُّوا إِلَيْهَا وَتَرَكُوكَ قَائِماً﴾

«*(Эй Мухаммад)**, качан алар кандайдыр бир сооданы же оюн-күлкүнү көрүп калышса ошого карап чачылып-таркап кетишет жана сени** (минбарда) **тик турган абалыңда таштап кетишет***». (Жума: 11).

Бул аят мусулман коомундагы артыкчылыктарды жана милдеттерди туура иретке коюудагы кемчиликти оңдоо үчүн түшкөн.

Ал тургай Куран жетекчиликтин өзүнө карата да баалоо жүргүзгөн. Мисалы, Бадрдагы туткундар маселеси тууралуу Аллах Таала мындай дейт:

﴿مَا كَانَ لِنَبِيٍّ أَن يَكُونَ لَهُ أَسْرَىٰ حَتَّىٰ يُثْخِنَ فِي الْأَرْضِ﴾

«***Бир да пайгамбар үчүн** (абалтан) **тээ жерде үстөмдүк кылганга чейин, туткун алуу уруксат эмес эле***». (Анфал: 67).

Ошондой эле Абаса сүрөсүндө мындай дейт:

﴿عَبَسَ وَتَوَلَّىٰ * أَن جَاءَهُ الْأَعْمَىٰ﴾

«***Ал** (пайгамбар алайхис-салам) **өзүнүн алдына көзү сокур киши келгени үчүн кабак чытыды жана** (андан) **жүзүн бурду***». (Абаса: 1–2).

Мунун баары Исламий долбоор адамдын чечимдерин ыйык деп эсептөөгө эмес, үзгүлтүксүз кайра карап чыгууга жана оңдоого негизделгенин көрсөтөт. Мына ушул стратегиялык ой жүгүртүүнүн өзөгү болуп эсептелет: каталарды окуй билүү жана аларды актоонун же алардан качуунун ордуна алардан сабак алууну үйрөнүү. Ошондуктан Пайгамбар ﷺ акыйкат кайсы жакта болсо, ошол жакка моюн сунууда эң мыкты үлгү болгон.

**Хазарий идеядан мамлекет куруууга чейин**

Дал ушул жерде бүгүнкү күндөгү көптөгөн саясий жамааттар көңүл бурбай келген эң негизги мыйзам ченемдүүлүк көрүнөт.

Терең хазарий идеяга, так стратегиялык көз карашка жана калыптанган тарыйкатка негизделбеген жамааттар көп учурда назик, кагаздай алсыз түзүлүштөргө айланышат. Алар башаламандык жана боштук пайда болгон жерде капысынан өсүп чыккан «саясий козу карындарга» окшош. Бирок саясий кырдаал бир аз өзгөрөрү менен эле

соолуп, жок болуп кетишет. Акыркы жүз жыл ичинде араб дүйнөсүндө пайда болгон жүздөгөн партиялар дал ушундай абалга туш болушкан.

Ал эми улуу идеяга, алыскы келечекти көздөгөн көз карашка жана Исламий акыйданы бекем негиз катары алган уюмдар болсо, тарыхтын тереңине тамыр жайган бекем дарактарга окшош.

Аллах Таала мындай дейт:

**﴿مَثَلُ كَلِمَةٍ طَيِّبَةٍ كَشَجَرَةٍ طَيِّبَةٍ أَصْلُهَا ثَابِتٌ وَفَرْعُهَا فِي السَّمَاءِ * تُؤْتِي أُكُلَهَا كُلَّ حِينٍ بِإِذْنِ رَبِّهَا﴾**

*«(Эй инсан)* ***Аллах жакшы Сөзгө*** *(ыйман келмесине)* ***кандай мисал келтиргенин көрбөйсүңбү: ал сөз бир кооз даракка окшойт, анын тамыры*** *(жер астына)* ***бекем орношкон, бутактары болсо асманда болуп, Жаратkандын ызны-ыктыяры менен ар дайым мөмө берет»***. (Ибрахим: 24–25).

Мындай уюмдар жай өсүшү мүмкүн. Алардын айрым бөлүктөрү жок болуп, кайра жаңыланышы да мүмкүн. Бирок убакыт өткөн сайын улам бекемделе беришет. Анткени мабдага негизделген идея алардын өзөгү жана жашоосунун сыры болуп саналат.

Чыныгы стратегиялык пландоо – бул баскычтуу максаттарды коюу же убактылуу саясий программаларды түзүү гана эмес. Тескерисинче, ал хазарий идеяны туруктуу, узак жашай ала турган саясий чындыкка айландыруу өнөрү. Бул болсо ресурстарды, күчтү, убакытты, географияны жана билимди туура пайдалануу, ошондой эле атаандаштардын аракеттерин жана келечектеги өзгөрүүлөрдү алдын ала окуй билүү аркылуу ишке ашат.

**Атаандаштардын пландарын окуу – тарыхта сакталып калуунун шарты**

Саясий аңкоолуктун эң кооптуу көрүнүштөрүнүн бири – үммөттөрдүн жана уюмдардын дүйнөдө жалгыз жашап жаткандай аракет кылышы жана тарыхты чоң эрктер менен долбоорлор кагылышпаган бейтарап талаа катары кабыл алышы.

Чыныгы стратегиялык пландоо өзүн гана куруuга эмес, атаандаштардын пландарын ачып көрө билүүгө жана күрөштү жүргүзүүдөгү терең логикасын түшүнүүгө да негизделет. Курани Карим бизди ушул чындыкка багыттап, Аллах Таала мындай дейт:

**﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا خُذُوا حِذْرَكُمْ﴾**

***“Эй момундар, душмандан этият чараңарды көргүлө”***. (Ниса: 71).

Дагы мындай дейт:

**﴿وَلاَ تَهِنُوا وَلاَ تَحْزَنُوا وَأَنتُمُ الأَعْلَوْنَ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ﴾**

«***Куфрга каршы күрөштө*** *(суз болбогула)* ***жана кападар болбогула! Эгер*** *(чыныгы)* ***ыйман ээлери болсоңор, жалгыз силер үстөмдүк кылуучусуңар***». (Али Имран: 139).

Улуу державалар туш келди аракет кылышпайт. Алар географияны, деңиз жолдорун, энергия булактарын, байлыктарды жана демографиялык өзгөрүүлөрдү кылдат изилдөөгө негизделген узак мөөнөттүү геосаясий көз караштар боюнча аракеттенишет.

Душмандын пландарын окуу анын кызыкчылыктарынын терең түзүлүшүн түшүнүүнү билдирет: ал кайсы жакка инвестиция салууда? Кайсы жолдорду көзөмөлдөөгө умтулууда? Коомдук пикирди кандайча кайра калыптандырууда? Кандай элиталарды колдоодо?

Өз атаандаштарынын ой жүгүртүү карталарын окуй албаган Үммөт ар дайым окуяларга жооп кайтаруучу абалда кала берет. Ал окуялар болуп өткөндөн кийин гана таң калат. Ал эми башка күчтөр болсо анын алдыга жылышынын же артка кетишинин шарттарын көп жылдар мурун эле даярдап коюшкан болот. Ошондуктан Үммөттү коопсуз жээкке алып чыгууну өз мойнуна алган адамдардын эң негизги милдеттеринин бири — өздөрүнүн саясий ишмердүүлүгүнүн алкагында колонизаторлордун пландарын ашкерелөө жана эл аралык саясатка таасир эте ала турган каражаттарга ээ болуу болуп эсептелет.

**Мамлекет куруучу: көз караш менен ишке ашыруунун ортосунда**

Стратегиялык пландоо чыныгы мамлекет куруучунун аң-сезимин талап кылат. Ал жөн гана эл алдында жакшы сүйлөгөн чечен же ийгиликтүү башкаруучу болуу менен чектелбейт. Чыныгы мамлекет куруучу эл аралык күчтөрдүн тең салмактуулугун түшүнөт, тарыхтын жүрүшүн окуй билет, күчтүн жана мүмкүнчүлүктүн чектерин аңдайт. Ошондой эле идеяны уюмга, уюмду таасирге, ал эми таасирди туруктуу саясий вакыйлыкка айландырууну билет.

Эл аралык саясатты туйгулар же чечендик эмес, көз карашты акырындык менен ишке ашкан аракеттерге, туруктуу институттарга жана натыйжалуу союздарга айландыруу жөндөмү башкарат. Ошондуктан чыныгы таасир сөздөрдүн жана ураандардын көптүгү менен эмес, пландарды убакыттын жана кризистердин сыноосуна туруштук бере турган реалдуу натыйжаларга айландыруу жөндөмү менен өлчөнөт. Аллахтын уруксаты менен жакында тикелене турган мамлекеттин ишмерлери дал ушул жөндөмгө ээ болууга машыгуулары керек.

Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَقُلِ اعْمَلُوا فَسَيَرَى اللَّهُ عَمَلَكُمْ وَرَسُولُهُ وَالْمُؤْمِنُونَ﴾

**«Адамдар Расулуллахтан ﷺ жакшылык жөнүндө сурашчу, мен болсо мага жетип калбасын деп жамандыктар жөнүндө сурачумун. Мен: “Оо, Аллахтын Элчиси! Биз жахилиятта жана жаман абалда элек. Анан Аллах бизге ушул жакшылыкты берди. Бул жакшылыктан кийин жамандык болобу?”, - дедим. Ал: “Ооба”, - деди. Мен: “Ал жамандыктан кийин жакшылык болобу?”, - дедим. Ал: “Ооба, бирок анда бүдөмүк нерсе болот”, - деди. Мен: “Анын бүдөмүк жагы эмнеде?”, - дедим. Ал: “Менин сүннөтүмдөн башка жолду карманган жана менин хидаятыман башка жолдо жүргөн адамдар болот. Алардын кээ бир иштерин туура деп табасың, айрымдарын четке кагасың”, - деди. Мен: “Ошол жакшылыктан кийин дагы жамандык болобу?”, - дедим. Ал: “Ооба. Тозоктун эшигине чакырган чакыруучулар болот. Аларга жооп бергендерди алар тозокко ыргытышат”, - деди. Мен: “Оо, Аллахтын Элчиси! Аларды бизге сүрөттөп бериңизчи”, - дедим. Ал: “Алар биздин өзүбүздөн чыгышат жана биздин тилибизде сүйлөшөт”, - деди. Мен: “Эгер ошол заманга жетсем, эмне кылууну буйруйсуз?”, - дедим. Ал: “Мусулмандардын жамаатын жана алардын имамын карман”, - деди. Мен: “Эгер алардын жамааты да, имамы да болбосочу?”, - дедим. Ал: “Андай болсо, ошол топтордун баарынан обочолон. Дарактын тамырын тиштеп жашоого туура келсе да, өлүм сага ошол абалда жеткенче ушундай бол”, - деди».**

Бул хадис өзүнүн мааниси боюнча Расулуллах ﷺ тозоктун эшигине чакыруучулар деп сыпаттаган адаштыруучу чакыруучулардан алыс болууга чакырат. Ошондой эле фитнага түшүп калбоо маанисинде фитнадан алыс болууга үндөйт. Бирок мусулмандардан жана алардын маселелеринен обочолонууга чакырбайт. Эгер салих адамдар жана илим ээлери коомдук иштерден четтеп кетсе, анда мусулмандарга жана динге ким кам көрөт?! Тескерисинче, шарият мусулмандарды, айрыкча алардын арасындагы илим ээлерин өз Үммөтүнүн маселелери менен алектенүүгө чакырат.

Айрымдар саясатты ыплас нерсе деп эсептеп, аны менен алектенүүнү бузгунчулук деп көрүшөт жана мусулмандын ага муктаждыгы жок деп ойлошот. Бирок мусулмандардын башына түшкөн окуялардын жана оор кырсыктардын күчөшү аларды мурунку мезгилдерге салыштырмалуу окуяларга жана маселелерге көбүрөөк көңүл бурууга жана алар менен көбүрөөк алектенүүгө мажбур кылды.

Бүгүнкү күндө Ислам Үммөтү өтө көп жана абдан оор маселелерге туш болуп жатат. Бул маселелердин эң негизгиси — Халифалыкты тикелөө аркылуу Аллахтын динин жер жүзүндө кайра орнотуу. Үммөт бүгүн жумшашы керек болгон аракеттер Үммөттүн аскерлерине кайрылып, Исламга жана мусулмандарга нусрат берүүнү талап кылуу, ошондой эле Ислам өлкөлөрүндөгү залим, зөөкүр башчылардын тактарын кулатууга багытталуусу керек.

Ал эми Үммөттүн аалымдары жана ойчулдары тарабынан илим жана саясат тармактарында ушул багыттан тышкары жумшалып жаткан жеке аракеттер, албетте, жакшылык болуп саналат жана алардын Үммөткө белгилүү бир таасири бар. Бирок бул Үммөт муктаж болгон таасир эмес. Эгер бүгүнкү доордо тарыхтагы эң улуу имамдар жана аалымдар, мисалы Мухаммад ибн Идрис аш-Шафии, Ахмад ибн Ханбал, Ибн Таймийя жана башкалар чогулуп, илим менен гана алектенип, аны жыйноо жана сабак берүү менен чектелип, аскерлерге кайрылууну таштап коюшса, анда Үммөт алардан бүгүн муктаж болуп турган пайдага жете алмак эмес.

Аллахтын динин жер жүзүндө кайра орнотуу үчүн аракет кылуу — улуу шаръий милдет. Мусулмандардын жер жүзүндө кор болуп, алсыз абалга түшүшү ушул милдетти таштап, андан жүз бурушунун натыйжасы болду. Ошондуктан мусулмандар бул ишке олуттуу киришүүгө тийиш. Ошондо алардын бардык маселелери биринин артынан бири чечилет. Ошондой эле алар Роббисинин ыраазылыгына, Бейиштерине жана бул дүйнө менен акыреттин жакшылыгына жетишет.❑

# ФИРАУНДУН ЗУЛУМДУГУ КАЙРА-КАЙРА КАЙТАЛАНУУСУ: ҮММӨТТҮН КАЙДЫГЕРЛИГИ МЕНЕН ӨЗГӨРТҮҮ ВАЗЫЙПАСЫНЫН ОРТОСУНДА

**Абдул Салам аль-Бадри**

Фираундун окуясы деңизде бир залимдин чөгүп кетиши менен аяктаган өзүнчө бир тарыхый окуя болгон эмес. Тескерисинче, Аллах аны акыйкат алсыраган сайын, адамдар зулумга каршы унчукпай калган сайын, үммөт залимдер менен текеберлерге баш ийүүгө ыраазы болгон сайын адамзат жашоосунда кайра-кайра кайталанып турган аят-керемет кылды. Куран окуяларды көңүл ачуу үчүн баян кылбайт. Тескерисинче, акыйкат менен батылдын ортосундагы күрөштүн мыйзамченемдерин ачып берип, адамдарга зулумдук кандай жараларын жана үммөттөр акыйкат менен адилеттиктин таразасын жоготкондо кандай кулай турганын көрсөтөт.

Фираун жөн гана өзүн кудай деп жарыялаган текебер адам эмес эле. Ал адамдардын аң-сезимин көзөмөлдөөгө, чындыкты бурмалоого жана адамдарды коркутуу, мажбурлоо жана күч аркылуу баш ийдирүүгө негизделген саясий жана фикрий түзүмдүн үлгүсү болгон. Ошондуктан ал өз коомуна мындай деген:

﴿مَا أُرِيكُمْ إِلَّا مَا أَرَىٰ وَمَا أَهْدِيكُمْ إِلَّا سَبِيلَ الرَّشَادِ﴾

***“Фираун айтты: “Мен силерге бир гана өзүм каалаган — туура көргөн нерсени көрсөтүүдөмүн жана мен силерди туура жолго гана жетектеймин”.*** *(Гаафир: 29)*.

Ар бир залим дал ушундай кылат. Ал өзүн чындыкка жалгыз ээлик кылгандай алып жүрөт. Өз пикирин мыйзамга айландырат, өзүн болсо оңдоочу жана куткаруучу катары көрсөтөт. Бирок чындыгында ал өз бийлигин зулумдукка, адамдарды кул кылууга жана элдердин байлыктарын талап-тоноого негиздейт.

Фираундун алдында Муса алайхис саламдын «күнөөсү» жерде бузгунчулук кылганы эмес эле. Тескерисинче, ал адамдарды баш ийүүдөн ойготуу, батылдын мыйзамдуулугун жокко чыгаруу жана кулчулуктун таразасын жалгыз Аллахка гана багыттоо үчүн келген болчу. Ошондуктан Фираун мындай деген:

﴿إِنِّي أَخَافُ أَن يُبَدِّلَ دِينَكُمْ أَوْ أَن يُظْهِرَ فِي الْأَرْضِ الْفَسَادَ﴾

***“Чындыгында мен*** *(Муса)* ***силердин диниңерди өзгөртүп жиберишинен же Жер жүзүндө бузгунчулукту көбөйтүүсүнөн коркомун”.*** *(Гаафир: 26)*.

Тарыхта заалимдер ондоого чакыруучуларды фитна жана башаламандыктын ээлери деп күнөөлөп келишкен. Анткени алар үммөттүн аң-сезиминен куралдан да көбүрөөк коркушат.

Эң кооптуу төмөндөө баскычы – бул залимдин бар болушу гана эмес, анын фираундук мүнөзү адаттагы көрүнүшкө айланып калышы. Элдердин зулумга ушунчалык көнүп калышы, натыйжада кулчулукту туруктуулук, батылды реалдуу саясат, ал эми моюн сунууну даанышмандык жана акылдуулук деп көрө башташы. Таразалар ушунчалык бузулган учурда маалымат каражаттары зулумдун жарчысы болуп калат, аны актагандар менен мактагандар көбөйөт. Ал эми акыйкат ээлери болсо бузгунчулукту ашкерелеп, ураандардын жалгандыгын ачып бергендиктери үчүн куугунтукка алынат. Ошондуктан Куран турмуштун бузулушун адамдардын Аллахтын шариятынан жүз бурушу менен байланыштырган. Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَمَنْ أَعْرَضَ عَن ذِكْرِي فَإِنَّ لَهُ مَعِيشَةً ضَنكًا﴾

***“Ким Менин эскертмемден баш тартса, анда албетте, ал үчүн тар-бактысыз турмуш болот”.*** *(Тааха: 124).*

Тар турмуш – бул каражаттын тартыштыгы гана эмес. Ал адамдардын каалоолору жана адам чыгарган мыйзамдар менен башкарылганда, бүт адамзат жашаган жалпы бактысыздык абалы. Мындай учурда материалдык өнүгүү абдан жогору болгонуна карабастан, экономикалык кризистер, психологиялык бузулуулар, үй-бүлөнүн ыдырашы, саясий зулумдук, согуштар кеңири жайылып, бейпилдиктин жоголушу күчөйт.

Ал эми Аллах адамдын адилеттүүлүктүн көлөкөсүндө жашашын каалаган. Ошондуктан Аллах түшүргөн өкүмдөр менен башкарууну жердин оңолушунун жана жашоонун түзөлүшүнүн негизи кылган. Аллах Таала мындай деген:

﴿يَا دَاوُودُ إِنَّا جَعَلْنَاكَ خَلِيفَةً فِي الْأَرْضِ فَاحْكُم بَيْنَ النَّاسِ بِالْحَقِّ وَلَا تَتَّبِعِ الْهَوَىٰ﴾

***“Эй Давуд, акыйкатта Биз сени жерде халифа кылдык. Эми сен*** *(көңүл)* ***каалоосуна ээрчип кетпегин!”.*** *(Саад: 26)*

Исламдагы халифалык түшүнүгү үстөмдүк кылуу же зомбулук эмес. Тескерисинче, ал адилеттүүлүктү орнотуу, укуктарды коргоо жана адамзатка жакшылык рисалатын жеткирүү жоопкерчилиги болуп саналат. Аллахтын шариятын четке каккан жана өкүмдарлыкты адамдардын каалоолору менен кызыкчылыктарына тапшырган ар кандай түзүм, эркиндиктин, өнүгүүнүн же демократиянын ураандары менен коздосо да, бузгунчулуктун эшиктерин ачат. Мына ушундан улам Исламдын рисалаты жекече насааттар менен гана чектелбеген, ар тараптуу хазарий өзгөртүү рисалаты болгонун түшүнөбүз. Анткени Пайгамбар ﷺ адамдарды руханий жактан тарбиялоо менен гана чектелген эмес, ал ﷺ Исламды колдонгон жана анын дааватын дүйнөгө жеткирген коомду жана мамлекетти курган. Натыйжада үммөт

чачыранды, алсыз уруулардан адилеттүүлүк, илим жана ырайым менен дүйнөнү жетектеген үммөткө айланган. Сахабалар да ушул улуу маанини терең түшүнүшкөн. Алар Ислам адамды адамдарга кул болуудан куткаруу үчүн келген деп эсептешкен. Ошондуктан Рабий ибн Амир Персиянын кол башчысына мындай деген:

« ابتعثنا الله لنخرج العباد من عبادة العباد إلى عبادة رب العباد، ومن جور الأديان إلى عدل الإسلام، ومن ضيق الدنيا إلى سعة الدنيا والآخرة».

«Аллах бизди адамдарды адамдарга кул болуудан адамдардын Роббисине кул болууга, диндердин зулумунан Исламдын адилеттүүлүгүнө, дүйнөнүн тарчылыгынан бул дүйнө жана акыреттин кеңдигине чыгаруу үчүн жиберди».

Бул адамды фикрий, саясий жана экономикалык жактан азат кылган акыйда. Ал адамды жалгыз Аллахка гана кул кылып, залим түзүмдөргө же текебер күчтөргө көз каранды кылбайт.

Бүгүнкү күндө үммөттүн бөлүнүп-жарылышы, алсыздыгы, чет элдик үстөмдүккө дуушар болушу жана саясий-экономикалык бузгунчулукка кабылышы Ислам бийлигинин турмуштан жок болушунан өзүнчө көрүнүш эмес. Анткени Аллахтын шарияты менен башкаруу жок болгондо, анын ордун сырттан алынган түзүмдөр ээледи. Алар үммөттү башкаларга көз каранды кылып, байлыктарын талап-тоноого, биримдигин ыдыратууга жана чечимдерин ири державалардын эркине байлап коюуга алып келди. Ошондуктан чыныгы ойгонуу жарым-жартылай реформалар же саясий жамоо-жаскоолор аркылуу эмес, үммөттүн өз улуулугунун негизине т.а. Исламга жашоонун ар тараптуу түзүмү катары кайтып келиши менен гана ишке ашат.

Үммөт өз динине болгон ишенимин кайра жандандыра турган фикрий аң-сезимге муктаж. Ошондой эле колонизатор мусулман өлкөлөрүнө таңуулаган долбоорлордун жалгандыгын ашкерелей турган аң-сезимге да муктаж. Муну менен бирге адамдарды Исламга жөн гана турмуштан обочолонгон жеке ибадаттардын жыйындысы катары эмес, ойгонуунун, башкаруунун жана адилеттүүлүктүн долбоору катары байланыштырган ихластуу саясий амалга да муктаж. Анткени бүгүнкү күрөш чек аралардын гана күрөшү эмес, ал пикирлердин, түшүнүктөрдүн жана түзүмдөрдүн күрөшү. Ким туура фикратка жана так хазарий долбоорго ээ болсо, келечекти куруу мүмкүнчүлүгү да ошонун колунда болот.

Ушул күрөш кызуу жүрүп жаткан шартта момун адам кайдыгер же сырттан карап туруучу болбошу керек. Тескерисинче, ал үммөтүнүн түйшүгүн көтөргөн, жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарган жана акыйкат менен адилеттиктин бийлигин кайрадан турмушка

кайтаруу үчүн ихластуу адамдар менен бирге амал кылган адам болушу зарыл. Аллах Таала мындай деген:

**﴿وَلْتَكُن مِّنكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ وَأُولَٰئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ﴾**

***“Силерден жакшылыкка чакыра турган, ибадат-итаатка буйра турган жана күнөө-жаман иштерден кайтара турган бир жамаат болсун. Дал ошолор ийгилик табуучулар -*** *(тозоктон)* ***кутулуучулар”.*** *(Али Имран: 104).*

Ошондуктан бүгүн бузгунчу вакыйлыкка ыраазы болбоо, аны жөн гана талдап же төмөндөөгө кайгыруу менен чектелбөө үммөттүн мойнундагы важиб болуп саналат. Тескерисинче, акыйкатты орнотуу жана Аллахтын шариятын жер жүзүндө өкүмдар кылуу үчүн ихластуу амал кылуучулар менен бирге амал кылуу милдет. Ошондо үммөт Аллах каалагандай адамдарга күбө болгон үммөткө кайра айланат жана Ислам бүтүндөй адамзат үчүн кайрадан ырайым, адилеттүүлүк жана туура жол көрсөтүүчү болуп кайтып келет. Анткени ушундай жол менен гана фираундук зулум кыйрайт, адамдын кадыр-баркы камсыз болот, асман менен жердин берекелери ачылат жана мусулмандар Аллах түшүргөн өкүмдөр менен башкарууну таштап койгон күндөн тартып жоготкон ордун кайрадан кайтарып алышат. ❑

## ЫЙЫК КУРАНДАГЫ КОРКУУ МААНИСИН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР ЖАНА КУРАНДЫН БАЛАГАТЫ МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ

**Аиша аз-Заътари – Палестина**

Араб тилиндеги сөздөрдүн синонимдүүлүгү (тародуф) анын балагат (көркөм) көрүнүштөрүнүн бири болуп саналат. Ал ар башка сөздөрдүн бир эле маанини же бири-бирине жакын маанилерди билдиришинен көрүнөт.

Ал эми тилдик жактан алганда, бул тууралуу «Лисанул-Араб» сөздүгүндө мындай деп айтылган: «Родифа» – ээрчүү, артынан баруу дегенди билдирет. Бир нерсе башка нерсени ээрчисе, ал анын ‘‘родифи’’ болот. Эгер бир нерсе экинчисинин артынан удаалаш келсе, бул «тародуф» (синонимдүү) деп аталат.

Бадр окуясы тууралуу Аллах Таала мындай дейт:
﴿إِذْ تَسْتَغِيثُونَ رَبَّكُمْ فَاسْتَجَابَ لَكُمْ أَنِّي مُمِدُّكُم بِأَلْفٍ مِّنَ الْمَلَائِكَةِ مُرْدِفِينَ﴾

***«Ошондо Роббиңерден жардам тилегениңерде, Ал силерге ижабат кылып: «Мен силерге удаа-удаа келе турган миңдеген периштелер менен мадат** (жардам) **беремин» деди»**. (Анфал: 9).*

Башкача айтканда, периштелер биринин артынан бири удаалаш келип турушкан. Тагырагы, бир топтон кийин дагы бир топ келген. Ошондой эле, бир эле маанини билдирген ар башка сөздөр «тародуф» (синонимдер) деп аталган. Анткени алар бир маанини билдирүү үчүн биринин артынан бири удаалаш колдонулат.

Аалымдар жалпы араб тилинде, өзгөчө Куранда тародуфтун бар-жогу тууралуу ихтилаф кылышкан.

Бир топ аалымдар синонимдер бар деп эсептешкен. Алар мунун себептеринин бири катары араб урууларынын диалекттеринин ар түрдүүлүгүн көрсөтүшкөн. Себеби бир эле маанини билдирүү үчүн ар башка сөздөр колдонулган.

Буга мисал катары Имам Бухарийдин «Сахих» китебинде Абу Хурайрадан (رضي الله عنه) риваят кылынган ушул хадис келтирилет. Расулуллах ﷺ мындай деген:

**"كانَتِ امرَأتانِ معهُما ابناهما، جاءَ الذِّئبُ فذَهَبَ بابنِ إحداهما، فقالت صاحِبَتُها: إنَّما ذَهَبَ بابنِكِ، وقالتِ الأُخرى: إنَّما ذَهَبَ بابنِكِ، فتَحاكَمَتا إلى داوُدَ، فقَضى به للكُبرى، فخَرَجَتا على سُلَيمانَ بنِ داوُدَ فأخبَرَتاه، فقال: ائتوني بالسِّكِّينِ أشُقُّه بينَهما، فقالتِ الصُّغرى: لا تَفعَلْ يَرحَمُكَ اللهُ، هو ابنُها، فقَضى به للصُّغرى. قال أبو هُرَيرةَ: واللهِ إن سَمِعتُ بالسِّكِّينِ إلَّا يَومَئذٍ، وما كُنَّا نَقولُ إلَّا المُديةَ"**

**«Эки аял эки ымыркайы менен жүрүшкөн эле. Бир маалда карышкыр келип, алардын биринин ымыркайын алып кетти. Ошондо бирөөсү: “Карышкыр сенин уулуңду алып кетти”, - деди.**

**Экинчиси болсо: "Жок, сенин уулуңду алып кетти", - деди. Ошентип, алар Даудга (عليه السلام) кайрылышты. Ал чоң аялдын пайдасына өкүм чыгарды. Экөө чыгып, Сулайман ибн Даудга ( عليه السلام) барышып, болгон окуяны айтып беришти. Ошондо ал: "Мага бычак алып келгиле, баланы экиге бөлүп берем", - деди. Муну уккан кичүү аял: "Мындай кылбаңыз, Аллах сизге ырайым кылсын! Бала аныкы", - деди. Ошондо Сулайман баланы кичүү аялга берди»**.

Андан соң Абу Хурайра (رضي الله عنه) мындай деген: «Аллахка ант болсун, мен «сиккин» (бычак) деген сөздү ошол күнү гана уктум. Биз болсо аны «мудья» деп айтчубуз».

Бул хадисте «сиккин» жана «мудья» сөздөрү ар башка диалекттерде колдонулган, бирок экөө тең бычак деген бир эле маанини билдирген синоним сөздөр болуп саналат.

Ошондой эле, аалымдардын пикиринде, арабдар нерселерге алардын сыпаттарын аталыш катары колдонушу синонимдердин пайда болуу себептеринин бири болуп саналат. Убакыттын өтүшү менен ал сыпаттар кеңири жайылып, ошол нерселердин өзүнүн аталышына айланып калган.

Мисалы, кылычтын көптөгөн синонимдери бар. Алардын бири болгон «мuханнад» – Индияга таандык экендигин билдирет. Дагы бири «хусам» – канды же душманды кесип түшүрүүчү деген маанини билдирет.

Ошондой эле арстандын да көптөгөн синонимдери бар. А түгүл анын ондогон аталыштары кездешет. Негизи алардын баары анын сыпаттары болгон. Мисалы, «лайс» – катуулук, күч жана кайраттуулук маанисин билдирет. Ал эми «гаданфар» – жоон, зор денелүү дегенди билдирет.

Демек, бул сөздөр башында кылыч менен арстандын сыпаттары жана мүнөздөмөлөрү болгон. Кийинчерээк арабдар аларды ошол нерселердин аталышы катары колдонууга көнүп калышкан.

Ал эми башка бир топ аалымдар тилде, айрыкча Куранда синонимдер жок деп эсептешет. Алардын пикиринде, белгилүү бир маанини билдирген ар бир сөздүн өзүнө гана таандык өтө кылдат маани жактан айырмасы бар. Ал айырма аны ошол эле нерсени билдирген башка сөздөрдөн өзгөчөлөндүрүп турат. Ошондуктан, синонимдер ар башка сөздөрдүн бир эле маанини же бири-бирине жакын маанилерди билдириши катары аныкталат. Себеби тилде эки көрүнүш тең кездешет.

Мисалы, Ибн Таймия тилде синонимдер болушу мүмкүн экенин, бирок алардын саны аз экенин айткан. Ал эми Куранда болсо алар дээрлик жокко эсе деп эсептеген. Анткени синоним деп эсептелген ар

бир сөз чындыгында башка эч бир сөз ошол эле тактык жана балагат менен жеткире албаган өзүнө гана таандык маанини билдирет.

Ал муну Ыйык Курандын баяндоо иъжаз көрүнүштөрүнүн бири, ошондой эле анын сөз тандоодогу жана баяндоодогу тактыгы менен балагатынын белгиси деп эсептеген.

Ал «Тафсир усулдарына киришүү» аттуу китебинде мындай деген: «Чындыгында, тилде синонимдер аз кездешет. Ал эми Курандын сөздөрүндө болсо алар же өтө сейрек, же таптакыр жок. Бир сөздүн бардык маанисин толук камтып бере турган башка бир эле сөз менен аны алмаштыруу өтө сейрек мүмкүн болот. Болгону анын маанисине жакындатуу гана мүмкүн. Бул болсо Курандын иъжаз себептеринин бири болуп саналат».

Жалпысынан алганда, сөздөрдүн синоним экендигин кабыл алуу тилди үйрөнүүнү жана анын айрым жактарын өздөштүрүүнү жеңилдетет. Айрыкча мектеп жана жогорку окуу жайларынын окуучулары, жаңыдан үйрөнүп жаткандар жана араб тилин үйрөнүүнү каалаган араб эмес адамдар үчүн бул чоң жардам болот. Ошондой эле бул тил үйрөнүүчүгө араб тилинин кеңдигин жана сөз байлыгынын молдугун аңдап түшүнүүгө көмөктөшөт, анын сөздүк байлыгын өстүрөт. Мындан тышкары, синоним сөздөрдү жана алардын ортосундагы кылдат маанилик айырмачылыктарды изилдөө адамдын ой жүгүртүүсүн байытып, тексттерди түшүнүү жөндөмүн өнүктүрөт. Айрыкча Ыйык Куранды окуп-үйрөнүүдө бул адамга тилдин балагатынан, ошондой эле Курандын балагаты менен иъжазынан аз болсо да бир өңүттү аңдап түшүнүүгө жардам берет.

Жалпысынан алганда, Ыйык Куранда синоним катары көрүнгөн сөздөр абдан көп. Бирок алардын ар бири башка сөз толук жеткире албаган өзүнө таандык белгилүү бир маанини билдирет. Ал башка сөздөргө мааниси жагынан жакын болсо да, өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүккө ээ. Бул макалада болсо биз «коркуу» сөзүнө жана анын Курандагы синонимдерине токтолобуз.

Негизинен, коркуу – Аллах адамдын табиятына жараткан табигый сезимдердин бири. Адам баласынын коркуу сезимине ээ болушу анын табигый өзгөчөлүгү. Адамдар айрым нерселерден бирдей коркушат, ал эми кээ бир нерселер боюнча алардын коркуусу ар түрдүү болот.

Кээде адамда чыныгы себепсиз эле коркуу пайда болушу мүмкүн. Мисалы, бул жөн гана элестетүүнүн натыйжасы же анын ички психологиялык абалы болушу мүмкүн. Ошондо ал чындыгында коркууга же чочулоого негиз болбогон нерседен коркуп калат.

Коркуу сезими башка бардык сезимдер сыяктуу эле, адам аны өзүнүн пикирлери жана түшүнүктөрү аркылуу көзөмөлдөй алат.

Ошондуктан адам аны туура багыттап, аны ээрчип кетпөөгө аракет кылышы керек.

Ыйык Куран момунду ушуга тарбиялайт. Ал аны кайгысын, кубанычын, сүйүүсүн, жек көрүүсүн, ачуусун жана башка сезимдерин көзөмөлдөөгө багыттайт. Мунун максаты – аны Улуу жана Даңктуу Робби каалаган бийик даражага жеткирүү.

Мисалы, Аллах мусулманды шайтандан жана анын досторунан коркуудан кайтарат, тескерисинче, Өзүнөн коркууну буюрат. Бул болсо адам өзүндөгү акыйда жана түшүнүктөр аркылуу коркуу сезимин башкара аларын, ага жеңдирбешин көрсөтөт.

Аллах Таала Али Имран сүрөсүндө мындай дейт:

﴿إِنَّمَا ذَٰلِكُمُ الشَّيْطَانُ يُخَوِّفُ أَوْلِيَاءَهُ فَلَا تَخَافُوهُمْ وَخَافُونِ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ﴾

***«Албетте, ошол** (силерди дүрбөлөңгө салмакчы болгон) **шайтандын өзү. Ал силерди өзүнүн досторунан коркутмакчы болот. Демек, эгер момун болсоңор, алардан коркпогула, Менден корккула!»*** *(Али Имран: 175).*

Бул аят момундун ыйманынын натыйжасы катары Аллахтан коркууга буюруп, шайтандын досторунан коркуудан тыят. Башкача айтканда, бул ыйман мусулмандын жүрөгүндө бекемдеген түшүнүктөрдүн жемиши болуп саналат. Демек, момундун коркуусу аны жөнгө салып турган түшүнүктөргө байланышы керек. Ошондуктан Ыйык Куран момунга Аллахты, Анын сыпаттарын, Акырет күнүн, анын коркунучтарын жана Тозокту эске салат. Ошол эле учурда адамдардын зомбулугун жана текеберлигин анын көзүнө кичине кылып көрсөтөт. Анткени адамдардын баары биригип ага зыян жеткирүүнү каалашса да, Аллах уруксат бермейинче ага эч кандай зыян жеткире алышпайт.

Аллах Таала Анъам сүрөсүндө мындай дейт:

﴿وَإِن يَمْسَسْكَ اللَّهُ بِضُرٍّ فَلَا كَاشِفَ لَهُ إِلَّا هُوَ ۖ وَإِن يُرِدْكَ بِخَيْرٍ فَلَا رَادَّ لِفَضْلِهِ ۚ يُصِيبُ بِهِ مَن يَشَاءُ مِنْ عِبَادِهِ ۚ وَهُوَ الْغَفُورُ الرَّحِيمُ﴾

***«Эгер Аллах сени кээ бир зыян менен кармаса, анда аны Өзү гана куткара алат. Эгер Ал сени кандайдыр бир жакшылык менен кармаса, анда билип кой, Ал баарына кудуреттүү».*** *(Анъам: 107).*

Тирмизий Абдуллах ибн Аббастан (رضي الله عنهما) риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**"يا غُلامُ إنِّي أعلِّمُكَ كلِماتٍ، احفَظِ اللَّهَ يحفَظكَ، احفَظِ اللَّهَ تَجِدْهُ تجاهَكَ، إذا سألتَ فاسألِ اللَّهَ، وإذا استعَنتَ فاستَعِن باللَّهِ، واعلَم أنَّ الأمَّةَ لو اجتَمعت علَى أن ينفَعوكَ بشَيءٍ لم يَنفعوكَ إلَّا بشيءٍ قد كتبَهُ اللَّهُ لَكَ، ولو اجتَمَعوا على أن يضرُّوكَ بشَيءٍ لم يَضرُّوكَ إلَّا بشيءٍ قد كتبَهُ اللَّهُ عليكَ، رُفِعَتِ الأقلامُ وجفَّتِ الصُّحفُ".**

**«Эй жигит, мен сага ушундай сөздөрдү үйрөтөмүн. Аллахты эсиңде сактасаң, Аллах да сени сактайт. Аллахты эсиңде сактасаң, Аны алдыңдан табасың. Эгер, сурасаң, Аллахтан сура, эгер, жардам**

**сурасаң, Аллахтан жардам сура. Эсиңде болсун, эгер бүткүл адамдар сага бирер пайда келтирүү үстүндө чогулса, Аллах жазган пайданы гана келтиришет. Эгер, сага бирер зыян келтирүү үстүндө чогулушса, Аллах жазган зыянды гана жеткиришет. Калем көтөрүлгөн жана мукабалар кургаган»**.

Ошондой эле Ыйык Куран момундун бул дүйнөдөгү көптөгөн коркууларын жеңилдетет жана аны алардын көбүнөн кайтарат. Мисалы, ырыскы үчүн коркуудан же өлүмдөн коркуудан тыят. Анткени алардын баары Аллахтын буйругу менен болот. Ошондой эле залим башчылардан жана душмандардан, алардын адамдарды өлтүрүү, камоо жана кыйноо аркылуу үрөй учурган иштеринен коркуу адамды коркоктукка алып барбашы керектигин үйрөтөт. Мунун баары момундун Аллахтан жана Анын азабынан коркуусу бардык башка нерселерден болгон коркуудан күчтүүрөөк болушу үчүн кылынат.

Ошондой эле Ыйык Куран момундардын башына келе турган сыноолордон коркууну да баяндайт. Бул сыноолордо момундар Аллахка болгон ыйманы, Анын кудуретине, күчүнө жана иштерди башкаруусуна болгон ишеними аркылуу сыналышат. Мындай учурларда алардан сабыр кылуу, бекемдик көрсөтүү жана Аллахтан жардам суроо талап кылынат.

Аллах Таала Бакара сүрөсүндө мындай дейт:

﴿وَلَنَبْلُوَنَّكُم بِشَيْءٍ مِّنَ الْخَوْفِ وَالْجُوعِ وَنَقْصٍ مِّنَ الْأَمْوَالِ وَالْأَنفُسِ وَالثَّمَرَاتِ ۗ وَبَشِّرِ الصَّابِرِينَ﴾

***"Дагы албетте, Биз силерди коон-коркунуч, ачкачылык мал-жаныңарды жана мөмө-жемиштерди азайтуу сыяктуу нерселер менен сынайбыз... сабыр кылуучуларга сүйүнчү кабар бер".*** (Бакара: 155).

Коркуу сөзсүз адамдын ичинде болот. Анткени ал фитрий сезим. Бирок Ислам момундан бул коркуу аны Аллахка моюн сунуусуна тоскоол кылбоосун жана күнөөгө түртпөөсүн талап кылат.

Пайгамбарыбыздын ﷺ сийраты жана сахабаларынын өмүр жолу адамдардын жүрөгүнө коркуу кирген көптөгөн окуяларды баяндайт. Бирок бул коркуу сахабаларды Аллах Субханаху ва Таала ыраазы боло турган баатырдык жана ар-намыс көрсөтүүдөн тоскон эмес. Мисалы, Хандак согушунда Мадина курчоого алынып, бардык тараптан душман кошуундары тарабынан камалганда, Ыйык Куран бул абалды Ахзаб сүрөсүндө мындайча сүрөттөйт:

﴿إِذْ جَاءُوكُم مِّن فَوْقِكُمْ وَمِنْ أَسْفَلَ مِنكُمْ وَإِذْ زَاغَتِ الْأَبْصَارُ وَبَلَغَتِ الْقُلُوبُ الْحَنَاجِرَ وَتَظُنُّونَ بِاللَّهِ الظُّنُونَا﴾

***“Ошондо алар силердин жогору тарабыңардан да, силерден төмөнкү тараптан да*** *(бастырып)* ***келишкен эле. Ошондо көздөр***

***тунарып, жүрөктөр алкымдарга тыгылып калган эле жана силер Аллах жөнүндө** (түрдүү) **ой жоруй баштаган элеңер”***. (Ахзаб: 10).

Табарий бул аятты мындайча тафсирлеген:

﴿وَإِذْ زَاغَتِ الْأَبْصَارُ﴾– башкача айтканда, көздөр тигилип, кыймылсыз болуп калды. Ал эми ﴿وَبَلَغَتِ الْقُلُوبُ الْحَنَاجِرَ﴾ – жүрөктөр коркунучтан, үрөйдөн жана чочулоодон өз ордунан козголуп, кекиртекке чейин жеткендей болду дегенди билдирет».

Ошого карабастан, Расулуллахтын ﷺ жетекчилиги алдында сахабалар (رضي الله عنهم) бул оор кырдаалда бекем турушту. Алар айлана-тегеректен коркунуч каптап турганына карабастан, кайраттуулук менен баатырдык көрсөтүштү. Демек, Ислам өзүнүн уул-кыздарынын жүрөгүнө кайраттуулукту сиңирип, коркоктуктан алыстоого тарбиялайт. Расулуллах ﷺ дубаларында Аллахка кайрылып коркоктуктан сактоону да тилечү.

Имам Бухарий өзүнүн «Сахих» китебинде Саъд ибн Абу Ваккастан (رضي الله عنه) мындай деп риваят кылган:

**"كان النَّبيُّ صلَّى اللهُ عليه وسلَّم يُعَلِّمُنا هؤلاء الكَلِماتِ كما تُعَلَّمُ الكِتابةُ: اللهُمَّ إنِّي أعوذُ بكَ مِنَ البُخلِ، وأعوذُ بكَ مِنَ الجُبنِ، وأعوذُ بكَ مِن أن نُرَدَّ إلى أرذَلِ العُمُرِ، وأعوذُ بكَ مِن فِتنةِ الدُّنيا، وعَذابِ القَبرِ"،**

**«Пайгамбар ﷺ бизге бул сөздөрдү жазууну үйрөткөндөй кылып үйрөтчү: “Оо Аллах! Мен Сенден сараңдыктан коргоо сураймын. Сенден коркоктуктан коргоо сураймын. Сенден эң начар карылыкка жеткирилүүдөн сактооңду сураймын. Сенден дүйнөнүн фитнасынан жана кабыр азабынан коргоо тилеймин».**

Ошондой эле Абу Дауд Абу Хурайрадан (رضي الله عنه) риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ мындай деген:

**"شرُّ ما في رجلٍ شحٌّ هالعٌ وجبنٌ خالعٌ"**

**«Адамдагы эң жаман сапаттар – ашкере сараңдык жана катуу коркоктук»**.

Ал эми момундун Роббисинен коркуудан көздөгөн максаты – таквалык. Эгер Аллахтан коркуу таквалыкка алып барбаса, анда андай коркууда жакшылык жок.

Тилдик жактан алганда, «таквалык» (التقوى) «вако» (وقى) деген уңгу сөздөн келип чыккан. «Лисанул-Араб» сөздүгүндө бул сөз бир нерсени сактоо, коргоо жана ага зыян жеткирген нерселерден калкалоо деген мааниде түшүндүрүлгөн.

Аллах Таала мындай дейт:

﴿هُوَ أَهْلُ التَّقْوَى وَأَهْلُ الْمَغْفِرَةِ﴾

***“Ал** (Аллах) **таква ээси** (тактап айтканда пенделери Андан таква кылуулары-коркуулары зарыл) **жана** (Аллах таква пенделери үчүн) **кечирим Ээси”***. (Муддассир: 56)

Табарий бул аятты мындай тафсирлеген: «Аллах – пенделери Ага күнөө кылуудан улам келе турган Анын азабынан сактанууга татыктуу Зат. Ошондуктан алар күнөөлөрдөн алыс болуп, Ага моюн сунууга шашылышы керек. Ал эми ﴿وَأَهْلُ الْمَغْفِرَةِ﴾ - алар ушундай кылып, тообо кылышса, Ал алардын күнөөлөрүн кечирүүгө Кудуреттүү жана аларды ошол күнөөлөрү үчүн азаптабайт дегенди билдирет».

Ошондой эле «Лисанул-Араб» сөздүгүндө Аллах Тааланын төмөнкү сөзү тууралуу мындай деп айтылган:

﴿قَالَتْ إِنِّي أَعُوذُ بِالرَّحْمَٰنِ مِنكَ إِن كُنتَ تَقِيًّا﴾

***"****(Мариям ага)****: «Мен Рахманга сыйынып сенден коргоосун жалбарып сураймын. Эгер*** *(Аллахтан)* ***коркуучу болсоң*** *(мага тийбе)****, деди"***. (Мариям: 18).

Демек, Аллахтан таквалык менен коркуу – бул адамды өзү корккон нерседен сактануу үчүн амал кылууга милдеттендирет. Башкача айтканда, момунду Аллахтын буйруктарын аткарууга жана тыюуларынан алыс болууга түрткөн коркуу. Ошондуктан улуу сахаба Али ибн Абу Талиб (رضي الله عنه) таквалыкты мындайча аныктаган: «Таквалык – Улуу Заттан коркуу, түшүрүлгөн шариятка амал кылуу, аз нерсеге ыраазы болуу жана көчүп кетчү күнгө (Акыретке) даярдануу». Демек, таквалык – коркуу, үмүт жана амалдын жыйындысы.

Ал эми Талк ибн Хабиб мындай деген: «Фитналар чыккан кезде, аларды таквалык менен өчүргүлө».

Андан: «Таквалык деген эмне?», - деп сурашканда, ал мындай деп жооп берген:

«Таквалык – Аллахтын нуру менен Аллахка моюн сунуп, Анын ырайымына үмүт кылуу. Таквалык – Аллахтын нуру менен Анын азабынан коркуп, Ага күнөө кылуудан алыс болуу».

Ыйык Курандын көптөгөн аяттарында таквалык менен илим (билүү) бири-бири менен байланыштырылып айтылган. Бакара сүрөсүндө бир нече жерде Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَاتَّقُوا اللَّهَ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ مَعَ الْمُتَّقِينَ﴾

***"Аллахтан корккула! Билип койгула, Аллах Андан коркуучулар менен бирге".*** (Бакара: 194).

﴿وَاتَّقُوا اللَّهَ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ شَدِيدُ الْعِقَابِ﴾

***"Аллахтан корккула! Дагы билип койгула, Аллахтын азабы катуу*** *(Зат)****".*** (Бакара: 196).

﴿وَاتَّقُوا اللَّهَ وَاعْلَمُوا أَنَّكُمْ إِلَيْهِ تُحْشَرُونَ﴾

***"Аллахтан корккула жана билгиле, силер шексиз Анын алдына жыйналасыңар!"*** (Бакара: 203).

﴿وَاتَّقُوا اللَّهَ وَاعْلَمُوا أَنَّكُم مُّلَاقُوهُ ۗ وَبَشِّرِ الْمُؤْمِنِينَ﴾

***“Аллахтан корккула жана силер албетте, Ага жолугарыңарды билип койгула! Момундарга*** *(бейиштин)* ***куш-кабарын жеткиргин!”*** (Бакара: 223).

﴿وَاتَّقُوا اللَّهَ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ بِكُلِّ شَيْءٍ عَلِيمٌ﴾

***“Аллахтан корккула жана билип койгула, албетте Аллах бардык нерсени Билүүчү!”*** (Бакара: 231).

﴿وَاتَّقُوا اللَّهَ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ بِمَا تَعْمَلُونَ بَصِيرٌ﴾

***“Аллахтан корккула жана билип койгула, албетте Аллах кылып жаткан амалыңарды Көрүүчү!”*** (Бакара: 233).

Демек, Ыйык Куран момунга көптөгөн нерселерди үйрөтөт жана таанытат. Мисалы, момундардын абалы, Акыреттин абалы жана башка көптөгөн нерселер жөнүндө баяндайт. Бул билим жана түшүнүк адамды таквалыкка жетелеши үчүн берилет. Ал кээде сүйүндүрүү аркылуу, кээде эскертүү жана коркутуу аркылуу ишке ашат.

Ал эми Курандагы «коркуу» сөзүнүн синонимдери бир нече түрдүү. Алардын бири:

1) «Хашья» (الخشية)

Тилдик жактан «хашья» «Лисанул-Араб» сөздүгүндө төмөнкүчө түшүндүрүлгөн:

«Хашья – коркуу. "Хашия" – коркту дегенди билдирет.

Аллах Тааланын ушул сөзү жөнүндө:

﴿فَخَشِينَا أَن يُرْهِقَهُمَا طُغْيَانًا وَكُفْرًا﴾

***“Анан, Биз ал*** *(бала)* ***чектен ашуу жана куфр менен аларды кыйнап коюусунан корктук”***. (Кахф: 80).

Имам Фарра бул жердеги ﴿فَخَشِينَا﴾ сөзүн *«билип койдук»* деген мааниде түшүндүргөн.

Ал эми Зажжаж болсо Хызырдын сөзүн *«Биз каалабадык»* деген маанини билдирет деп тафсирлеген.

Ошондой эле Халид (رضي الله عنه) тууралуу хадисте мындай келет: «Ал Мута согушунда рояны колуна алганда, адамдарды артка жылдырып, аларды сактады (خاشى بهم)».

Башкача айтканда, аларды аман алып калууга аракет кылды, алар үчүн этият болуп, сактанды да, коопсуз тарапка чегинди.

«Хашья» – бул зыяндын же азаптын келип калышынан этияттануу жана сактануу менен коштолгон коркуу. Адам андай зыяндын болушунан коркуп, андан сактанууга аракет кылат.

Аллах Таала Ниса сүрөсүндө мындай дейт:

﴿وَلْيَخْشَ الَّذِينَ لَوْ تَرَكُوا مِنْ خَلْفِهِمْ ذُرِّيَّةً ضِعَافًا خَافُوا عَلَيْهِمْ فَلْيَتَّقُوا اللَّهَ وَلْيَقُولُوا قَوْلًا سَدِيدًا﴾

***"Эгер өздөрү жаш, алсыз перзенттерин калтырып көз жумуп кетишсе алардан кабатыр болгондой эле*** *(кол алдындагы*

*жетимдердин убалынан)* ***коркушсун. Алар Аллахтан коркуп акыйкат сөздү айтышсын".*** (Ниса: 9).

Бул аятта хашья, хауф жана таква бирге айтылган. ﴿وَلْيَخْشَ﴾ — «корксун жана сактансын» дегенди билдирет. Башкача айтканда, алсыз урпактары бар адам алар үчүн алардын алсыздыгынан улам коркот жана сактанат. Анын бул коркуусу менен этияттыгы аны Аллахтан таквалык менен коркууга жана туура, адилеттүү сөз айтууга түртүшү керек. Бул болсо аяттын темасы болгон мурас малын бөлүштүрүү маселесине байланыштуу.

Ошондой эле «хашья» – бул өзүң корккон Заттын улуулугун терең урматтоо менен коштолгон коркуу.

Аллах Таала Фатыр сүрөсүндө мындай дейт:

﴿إِنَّمَا يَخْشَى اللَّهَ مِنْ عِبَادِهِ الْعُلَمَاءُ ۗ إِنَّ اللَّهَ عَزِيزٌ غَفُورٌ﴾

***"Аллахтан пенделери арасындагы аалым - билимдүүлөр гана коркот. Шек-күмөнсүз Аллах Кудуреттүү, Кечиримдүү"***. (Фатыр: 28).

Ибн Касир бул аятты тафсирлеп мындай деген: «Аллахтан чыныгы хашья менен корккондор – Аны чыныгы тааныган аалымдар. Анткени Улуу, Кудуреттүү, Билүүчү, кемчиликсиз сыпаттарга ээ жана эң сонун ысымдардын Ээси болгон Аллах тууралуу билим канчалык толук болсо, Аны таануу канчалык терең болсо, ошончолук Ага болгон хашья да күчтүү жана көбүрөөк болот». Демек, хашья – бул этияттануу жана сактануу менен коштолгон коркуу. Ошондой эле ал өзүң корккон Заттын даражасын жана улуулугун таануу менен байланышкан коркуу. Ошондуктан Ыйык Куран момундарды Аллахтан хашья менен коркууга чакырып, Андан төмөн болгондордон ошондой коркууну таштоону буюрат. Анткени чыныгы хашьяга татыктуу болгон Зат – жалгыз Улуу Аллах.

Аллах Таала Тообо сүрөсүндө мындай дейт:

﴿أَتَخْشَوْنَهُمْ ۚ فَاللَّهُ أَحَقُّ أَن تَخْشَوْهُ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ﴾

***«Алардан коркосуңарбы?! Эгер*** *(чыныгы)* ***момун болсоңор, коркушуңарга ылайык Зат Аллах го?!»*** (Тообо: 13).

Ошондой эле Бакара сүрөсүндө мындай дейт:

﴿فَلَا تَخْشَوْهُمْ وَاخْشَوْنِي﴾

***"...силер алардан коркпогула, Менден корккула!"*** (Бакара: 150).

Дагы Али Имран сүрөсүндө мындай дейт:

﴿الَّذِينَ قَالَ لَهُمُ النَّاسُ إِنَّ النَّاسَ قَدْ جَمَعُوا لَكُمْ فَاخْشَوْهُمْ فَزَادَهُمْ إِيمَانًا وَقَالُوا حَسْبُنَا اللَّهُ وَنِعْمَ الْوَكِيلُ﴾

***"Андайларга айрым кишилер: «Адамдар силерге каршы*** *(сан жеткис кол)* ***топтогон, корккула!» дешкенде, бул сөз алардын ыймандарын дагы да күчөтүп жиберди жана: «Бизге Жалгыз***

***Аллахтын Өзү жетип ашат. Ал Зат эң жакшы ишеничтүү өкүл!» дешти”.*** (Али Имран: 173).

Анткени момундардын жүрөгүндө Аллахтын улуулугу жана кудурети душмандын күчүнөн, санынын көптүгүнөн жана курал-жарагынан алда канча жогору турат. Ошондуктан душманга болгон хашья алардын жүрөгүнө кирген жок. Тескерисинче, бардык күчтөрдү жеңүүчү Аллахка болгон ыймандары дагы да бекемделди.

2) «Рахба» (الرهبة):

Ибн Каййим «Мадариж ас-Саликин» аттуу китебинде мындай деген: «Ал эми рахба – бул жек көрүлгөн нерседен мүмкүн болушунча алыс качуу. Ал рагбага карама-каршы. Анткени рагба – жүрөк каалаган нерсеге жетүү үчүн ага умтулуусу».

Демек, рагба – бул бир нерсеге ыктоо, аны алууга аракет кылуу жана ага жакындоону каалоо. Ал эми рахба – бул бир нерседен коркуп, аны жаман көргөндүктөн андан жүз буруу жана алыстоо.

Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَيَدْعُونَنَا رَغَبًا وَرَهَبًا﴾

***“Бизге арзуу жана коркуу менен жалбарып дуба кылаар эле”***. (Анбия: 90).

Ибн Касир бул аятты мындайча тафсирлеген: « ﴿رَغَبًا﴾ — алар Аллахтын ырайымына жана фазилетине үмүт кылып Ага ибадат кылышчу дегенди билдирет. Ал эми ﴿وَرَهَبًا﴾ – Алар Анын азабынан жана жазасынан корккондуктан, Ага ибадат кылбай коюудан жана күнөө кылуудан сак болушчу дегенди билдирет».

Ошондой эле Аллах Таала Анфал сүрөсүндө мындай дейт:

﴿وَأَعِدُّوا لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ الْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِ عَدُوَّ اللَّهِ وَعَدُوَّكُمْ﴾

***“Алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөр барынча күч*** *(топтоп)* ***жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душманыңарды коркунучка саласыңар”.*** (Анфал: 60).

Бул аяттагы «تُرْهِبُونَ» – душманды коркутуу дегенди билдирет.

Ошондой эле рахба менен хауфтун (кадимки коркуунун) ортосунда айырма бар деп айтылган. Рахба – адамдын жүрөгүндө узак убакытка созулган коркуу абалы. Ошондуктан бүгүнкү күндө белгилүү бир нерседен же көрүнүштөн улам пайда болгон өнөкөт, оору деңгээлиндеги коркуу абалы «фобия» (арабча: رهاب) деп аталат. Ошондой эле азыркы саясий түшүнүктө адамдардын калың катмарын узак убакыт бою коркуу абалында кармоо «ирхаб» (террорлоо) деп аталат. Демек, рахба – бул адамдын жүрөгүндө узак убакытка созулган, ошол эле учурда адамды корккон нерседен жүз бурууга жана андан алыстоого түрткөн коркуу. Ал рагбанын карама-каршысы болуп саналат.

3) «Фазаъ» (الفزع):

«Лисанул-Араб» сөздүгүндө «фазаъ» төмөнкүдөй түшүндүрүлгөн: «Фазаъ – бул бир нерседен болгон катуу коркуу жана үрөй учурган абал.

“Афзаъаху” – аны коркутту, үрөйүн учурду дегенди билдирет.

“Фуззиъа ъанху” – андан коркуу алынды, башкача айтканда, анын коркуусу кетти дегенди билдирет».

Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَلَا تَنفَعُ الشَّفَاعَةُ عِندَهُ إِلَّا لِمَنْ أَذِنَ لَهُ ۚ حَتَّىٰ إِذَا فُزِّعَ عَن قُلُوبِهِمْ قَالُوا مَاذَا قَالَ رَبُّكُمْ ۖ قَالُوا الْحَقَّ ۖ وَهُوَ الْعَلِيُّ الْكَبِيرُ﴾

***“****(Аллах)* ***алдында жалаң Анын Өзү ызн-уруксат берген кишилерге гана шафаат - колдоо пайда берет. Тээ качан*** *(Жараткан алар үчүн шафаатка уруксат берүүсү менен)* ***дилдеринен коркуу кеткен соң алар*** *(бири - бирине)****: «Роббиңер эмне деди*** *(тактап айтканда шафаатка чындыгында уруксат бердиби)****», деп*** *(суроо беришип)****, «Чындыкты*** *(айтты, тактап айтканда чындыгында шафаатка уруксат берди)****, Ал бийик жана улуу Зат дешип*** *(жооп кылышат)****”***. (Саба: 23).

Бул жерде ﴿فُزِّعَ عَنْ قُلُوبِهِمْ﴾ деген сөз айкашы «жүрөктөрүнөн коркуу алынды» деген мааниде келгендиктен, «فُزِّعَ» этиши «عن» жандоочусу менен колдонулган.

Ошондой эле: «Фазаъа ила ал-каум» – адамдарга жардам сурап кайрылды.

«Фазаъа илайхи» – ага баш калкалады, ага кайрылды.

Күн тутулуу тууралуу хадисте айтылат:

«فافزعوا إلى الصلاة»

**«Намазга шашылгыла».**

Башкача айтканда, ошол окуядан коргонуу үчүн намазга кайрылгыла жана ал аркылуу жардам издегиле.

«Фазаъ» сөзү жардам берүү, куткаруу маанисинде да колдонулат.

Расулуллах ﷺ мындай деген:

**"إنكم لتكثرون عند الفزع وتقلون عند الطمع"**

**«Силер жардам керек болгон учурда көп болосуңар, ал эми дунявий кызыкчылык болгондо аз болосуңар»**.

Бул жерде «фазаъ» – жардам берүү маанисинде колдонулган.

Ошондой эле бул сөздү: «Адамдар силерге жардам сурап кайрылганда көп болосуңар» деп түшүнүүгө да болот.

«Афзаътуху лимма фазиъа» – ал жардам сураганда мен ага жардам бердим дегенди билдирет.

Хадисте мындай келет:

"أنه فزع أهل المدينة ليلاً، فركب النبي صلى الله عليه وسلم فرساً لأبي طلحة عرياً، فلما رجع قال: لن تراعوا، إني وجدته بحراً"

**«Бир түнү Мадинанын эли дүрбөлөңгө түштү. Ошондо Пайгамбар ﷺ Абу Талханын ээр салынбаган атына минип жөнөдү. Кайтып келгенде аларга: «Коркпогула, силерге эч кандай коркунуч жок. Мен бул атты абдан күлүк экенин көрдүм», - деди»**. Бул хадистеги «Мадинанын эли дүрбөлөңгө түштү» деген сөз алардын жардам сурап кыйкырып, өздөрүн душман курчап алды деп ойлошконун билдирет. Ал эми Пайгамбар ﷺ аларга: «Коркпогула» деп айтканда, алардын жүрөгүндөгү дүрбөлөң жана катуу коркуу басаңдап, тынчтанышкан. Демек, «фазаъ» – бул жардам суроо жана баш калкалай турган жай издөө менен коштолгон коркуу.

Ошондой эле фазаъ – адамдын жан дүйнөсүн титиреткен капысынан келген өтө катуу коркуу деп да айтылган. Ал эми хауф (коркуу) болсо, кандайдыр бир жагымсыз нерсенин болуп кетишин күтүүдөн улам да пайда болушу мүмкүн.

Ошондуктан Кыямат күнү «улуу дүрбөлөң күнү» (الفزع الأكبر) деп аталган. Ал күнү адамдар мүрзөлөрүнөн тирилип чыгышып, Кыяматтын үрөй учурган коркунучтарын көрүшөт. Ошондо аларды фазаъ каптайт – бул алардын жан дүйнөсүн титиреткен күтүүсүз жана өтө катуу коркуу. Ошондон улам алар туш-тушка чачыраган көпөлөктөрдөй болуп кетишет. Алар аларга жардам бере турган же баш калкалай турган жай тапкысы келишет. Бирок Аллах Өзү өзгөчө кылган адамдар гана жардамга жана коопсуз жайга ээ болушат.

Аллах Таала Анбия сүрөсүндө мындай дейт:

﴿لَا يَحْزُنُهُمُ الْفَزَعُ الْأَكْبَرُ وَتَتَلَقَّاهُمُ الْمَلَائِكَةُ هَٰذَا يَوْمُكُمُ الَّذِي كُنتُمْ تُوعَدُونَ﴾

***“Аларды Улуу коркунуч** (Кыямат) **кайгыртпайт. Периштелер аларды: «Мына ушул силерге убада кылынган Күн», деп күтүп алышат”***. (Анбия: 103).

4) «Важал» (الوجل):

«Лисанул-Араб» сөздүгүндө «важал» төмөнкүдөй түшүндүрүлгөн: «Важал – дүрбөлөң жана коркуу».

Тил аалымдары “важал” – коркуунун натыйжасында жүрөктүн титиреп, тынчсызданышы деп айтышкан. Ошондуктан Ыйык Куран көпчүлүк учурларда “важалды” жүрөккө байланыштырып айтат.

Аллах Таала Анфал сүрөсүндө мындай дейт:

﴿إِنَّمَا الْمُؤْمِنُونَ الَّذِينَ إِذَا ذُكِرَ اللَّهُ وَجِلَتْ قُلُوبُهُمْ وَإِذَا تُلِيَتْ عَلَيْهِمْ آيَاتُهُ زَادَتْهُمْ إِيمَانًا وَعَلَىٰ رَبِّهِمْ يَتَوَكَّلُونَ﴾

***“Албетте, Аллах эске алынганда жүрөктөрү опкоолжуй турган, Анын аяттары окуп берилгенде ишенимдери артып кете турган,***

***Жаратканга гана таянган кишилер —** (чыныгы) **момундар".*** (Анфал: 2).

Чындыгында, коркуунун орду – адамдын жүрөгү жана жан дүйнөсү. Бирок араб тили жүрөктүн коркуудан улам болгон абалын өзгөчө белгилегиси келгенде «жүрөгү важал болду» деп айтат. Башкача айтканда, анын жүрөгү коркуп, титиреп кетти дегенди билдирет.

5) «Жазаъ» (الجزع):

«Лисанул-Араб» сөздүгүндө «жазаъ» төмөнкүдөй түшүндүрүлгөн: «Жазаъ – бул коркуу, кайгы жана сабырдын аздыгы».

Аллах Таала Ибрахим сүрөсүндө мындай дейт:

﴿قَالُوا لَوْ هَدَانَا اللَّهُ لَهَدَيْنَاكُمْ ۖ سَوَاءٌ عَلَيْنَا أَجَزِعْنَا أَمْ صَبَرْنَا مَا لَنَا مِن مَّحِيصٍ﴾

***«Эгер Аллах бизди** (Акыйкат Жолго) **баштаганда, биз да силерди Туура Жолго баштаар элек.** (Эми болсо) **дат-убайым кылабызбы** (же) **сабыр-канаат кылабызбы, биз үчүн баары бир эч кандай кутулуу жок»***. (Ибрахим: 21).

Ошондой эле Аллах Таала Мaариж сүрөсүндө мындай дейт:

﴿إِنَّ الْإِنسَانَ خُلِقَ هَلُوعًا ۝ إِذَا مَسَّهُ الشَّرُّ جَزُوعًا ۝ وَإِذَا مَسَّهُ الْخَيْرُ مَنُوعًا﴾

***"Чындыгында адамзат чыдамсыз жаратылган. Эгер ага жамандык келсе ал өтө сабырсыздык кылат. Качан ага жакшылык жетсе ал өтө сараң"***. (Мaариж: 19–21).

Бул жердеги «жазаъ» сабырсыздык дегенди билдирет. Демек, жазаъ – бул сабырсыздык менен коштолгон коркуу.

Ыйык Куранда бул сөз кафирлерди айыптоо маанисинде келген. Анткени мусулмандын сабырсыздык кылышы жана башына түшкөн сыноолор үчүн ашыкча кайгырышы – жаман сапат болуп эсептелет.

6) «Руъб» (الرعب):

«Лисанул-Араб» сөздүгүндө «руъб» төмөнкүдөй түшүндүрүлгөн: «Руъб – бул коркуу жана дүрбөлөң».

Аллах Таала Али Имран сүрөсүндө мындай дейт:

﴿سَنُلْقِي فِي قُلُوبِ الَّذِينَ كَفَرُوا الرُّعْبَ بِمَا أَشْرَكُوا بِاللَّهِ مَا لَمْ يُنَزِّلْ بِهِ سُلْطَانًا ۖ وَمَأْوَاهُمُ النَّارُ ۚ وَبِئْسَ مَثْوَى الظَّالِمِينَ﴾

*"(Кудай экенине)* ***эч кандай далил келбеген нерсени*** *(жансыз буттарды)* ***Аллахка шерик кылгандары себептүү Биз кафирлердин дилдерине коркуу салабыз. Алардын бараар жайлары тозок. Зулумдук кылуучулардын жайлары кандай гана жаман жай!"*** (Али Имран: 151).

Табарий бул аятты тафсирлеп мындай деген: ﴿سَنُلْقِي فِي قُلُوبِ الَّذِينَ كَفَرُوا الرُّعْبَ﴾ – алардын жүрөктөрүнө жазаъты жана катуу дүрбөлөңдү салабыз дегенди билдирет».

Демек, руъб – бул адамдын жан дүйнөсүн толугу менен каптап, аны өз көзөмөлүнө алган өтө күчтүү коркуу.

Айрым аалымдар аны коркуунун эң күчтүү даражасы деп да түшүндүрүшкөн.

Тилде «раъабту ал-хауд» деген сөз айкашы «идишти толтурдум» деген маанини билдирет. Ошондуктан өтө күчтүү коркуу «руъб» деп аталган. Анткени ал адамдын жан дүйнөсүн бүтүндөй каптап, толтуруп салат.

7) «Рауъ» (الروع):

«Лисанул-Араб» сөздүгүндө «рауъ» төмөнкүдөй түшүндүрүлгөн: «Рауъ – бул дүрбөлөң. “Рааъани ал-амру йаруъуни” – бул иш менин үрөйүмдү учурду, коркутту дегенди билдирет».

Тил аалымдарынын айтымында, рауъ – бул күтүлбөгөн жагдайдан улам пайда болгон, таң калуу жана түшүнбөстүк менен коштолгон коркуу.

Аллах Таала Худ сүрөсүндө мындай дейт:

﴿فَلَمَّا ذَهَبَ عَنْ إِبْرَاهِيمَ الرَّوْعُ وَجَاءَتْهُ الْبُشْرَىٰ يُجَادِلُنَا فِي قَوْمِ لُوطٍ﴾

***“Анан качан Ибрахимден коркунуч кетип, ага кубаныч жеткен соң, ал Биз менен Лут коому жөнүндө тартыша баштады”***. (Худ: 74).

Башкача айтканда, Ибрахим (عليه السلام) конокторунан улам жүрөгүнө түшкөн коркуу кеткенден кийин ушундай болду. Анткени ал конокторунун тамактан баш тартканын көрүп, таң калып, мунун себебин түшүнө албай, кооптонгон эле.

8) «Важф» (الوجف):

«Важф» сөзүнүн бир нече мааниси бар.

Алардын бири – тез жүрүү. Бул мааниде Аллах Таала мындай дейт:

﴿فَمَا أَوْجَفْتُمْ عَلَيْهِ مِنْ خَيْلٍ وَلَا رِكَابٍ﴾

***“...силер атчан жана төөлөрдү ойнотуп-чаптырып барганыңар жок”.*** (Хашр: 6).

Бирок дагы “коркуу” деген мааниси бар.

Аллах Таала мындай дейт:

﴿قُلُوبٌ يَوْمَئِذٍ وَاجِفَةٌ﴾

***“Ал Күндө дилдери коркууга түшүүчү”***. (Назиат: 8).

Башкача айтканда, катуу коркуудан жүрөктөр титиреп, катуу согуп турат.

Бул – Ыйык Курандагы «коркуу» сөзүнүн айрым синонимдери. Ошондой эле бул тил аалымдарынын коркуу жана анын синонимдеринин маанилери тууралуу айткан сөздөрүнүн бир бөлүгү.

Ал эми Ыйык Куранга кайрылып, анын сөздөрүнө жана алардын синонимдерине терең көңүл буруп, тафсирлерден жана тил аалымдарынын эмгектеринен пайдалануу аркылуу, муну Курандагы улуу балагаттын бир мисалы катары караган мусулман адам Курандын

баян кылуусунун көркөмдүгүн жана сөз тандоосунун тактыгын сезет. Бул болсо ага Куранды терең ойлонуп окууга жана жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.

Биз Аллахтан тилибизди жана динибизди терең үйрөнүүнү сурайбыз. Ошондой эле Ислам мамлекетин бизге насип кылышын тилейбиз. Ал мамлекет илимге жана исламий билимге кам көрүп, Үммөттүн арасында араб тилинин алсызданышын дарылап, адамдарды Куранды кайрадан терең ойлонуп окууга үндөп, анын илимдерин мусулмандардын уул-кыздарынын арасында кайрадан жандантсын.

Оо, Аллах, дубабызды кабыл алгын! Аамин. ❑

## Трамп Оманды коркутууда, бирок мусулман башчыларынын арасында аны токтото турган эч ким жок

Америка президенти Дональд Трамп АКШнын өнөктөшү болгон Оманды, эгерде ал Ормуз кысыгын кайра ачуу маселесинде Иран тарапта болсо, ага каршы чабуул жасай турганын айтып коркутту. Трамп «Оман өзүн туура алып жүрүшү керек», болбосо «аларды талкалай турганын» билдирди. Бул сөздү ал Иран менен булуңдагы мамлекетке суу жолун көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген кыска мөөнөттүү келишимге макул болобу деген суроого жооп берип жатып айтты.

Трамп Ак үйдө өз администрациясынын жыйыны учурунда журналисттерге: «Жок, кысык бардык тарап үчүн ачык болот», - деди. Ал сөзүн улап: «Бул эл аралык суулар. Оман да башкалар сыяктуу өзүн туура алып жүрөт. Болбосо аларды талкалоого туура келет. Алар муну түшүнүшөт жана баары жакшы болот», - деди.

**Ал-Ваъй:** Трамп аны токтото турган мусулман башчыларынын эч кимин таппай, алар анын көзүндө барган сайын барксыз болуп бара жатышат. Анткени алар уурдап кетүүгө, кыйноого жана басып-жанчыганга көнүп калышкан, ал эми баскынчыларга каршы согушка даярдануу алардын иши эмес. Эгер Трамп мусулман башчыларынын арасынан ага татыктуу жооп бере турган эр азаматтарды көргөндө, мындай акылсыз билдирүүлөрдү жасоого батынмак эмес. Бирок алар кордукка, басынууга жана көз карандылыкка көнүп калышты. Жакында, Аллах каалаexcluding, келе турган Халифалык мамлекети гана аны ооздуктай алат о.э. тилин тыйып, Американы Экинчи дүйнөлүк согушка чейинки абалындай өз жерине жана обочолонуусуна кайтара алат.

## Өзбек режими эркиндикке чыгуу мөөнөтү жакындап калган ыйманында бекем туткундарды моюн сундуруу үчүн эң ыплас ыкмаларды колдонууда

Өзбекстандагы Хизб ут-Тахрирдин маалымат бөлүмү хижрий 1447-жылдын 26-зул-каъдасында, миладий 2026-жылдын 13-майында «Мирзиёев режими Зарафшан түрмөсүндөгү мусулмандарга каршы эң мыкаачы кысым көрсөтүү ыкмаларын колдонууда!» деген аталыштагы басма сөз баянатын жарыялады. Анда мындай деп айтылат:

Бизге жеткен кабарларга жана маалыматтарга ылайык, Навои облусунун Зарафшан шаарындагы №12-абакта камактагыларга карата системалуу түрдө мыйзам бузуулар, психологиялык жана физикалык кыйноолор жасалууда. Бул кыйноолор өзгөчө «Роббибиз Аллах» деген сөзүндө бекем турганы үчүн темир тор артындагы Хизб ут-Тахрир

жигиттерине багытталып, алардын кадыр-баркы тебеленип, мазактоо максатындагы кемсинтүүчү провокацияларга дуушар болушууда.

Заалим режим дагы бир жолу өзүнүн ыплас “чеңгелин” Аллахтын дининде бекем турган жигиттерге, айрыкча Зарафшан шаарындагы №12-түзөтүү мекемесинде жаткан жигиттерге колдонууда. Бул жолу жасалып жаткан кылмыштар адамдык баалуулуктарга гана каршы келбестен, айбандык инстинкттерден да ашып түшкөн жийиркеничтүү деңгээлге жеткен. Анткени анда адамдык кадыр-баркты тепселөөгө жана намысты басмырлоого багытталган жийиркеничтүү провокациялар орун алган.

Мекеменин ыкчам бөлүмүнүн башчысы, мамлекеттик коопсуздук кызматынын подполковниги Махмуд Хусинов жана анын жардамчылары бошотулуу мөөнөтү жакындаган сабырдуу туткундарды мажбурлап «тообо» келтиртүү жана алардын эркин сындыруу максатында пастык ыкмаларды колдонууну улантууда. Алардын арасында Асадуллах Ишбултаев жана Сыдык Хужаев аттуу бир туугандар да бар. Аларга каршы «жашыл зат» провокациялары колдонулуп жатат. Бул тогут Каримов учурундагы саясатты эске салган ыплас спектакль болуп, анда туткунду уйкуда жаткан учурда сексуалдык зомбулукка кабылышы мүмкүн деп коркутушат. Мындай жийиркеничтүү коркутуу аркылуу аларды жасалма «тообо каттарын» жазууга мажбурлап аракет кылышууда.

Бул амалдар диктатордук режимдин чыныгы жүзүн жана мусулмандарга болгон терең жек көрүүсү канчалык деңгээлде экенин ашкере кылууда.

Бүгүн бул режим карманып жаткан эки тараптуу саясат — бирде колонизатор Россиянын кучагына шашып, бирде кресттүү Америкага ыкташы — ушул зулумдуктардын түпкү себеби жана өзөгү болуп саналат. Россия мусулман мигранттарды эң оор басмырлоого дуушар кылып жаткан учурда, Трамп Газада, Иранда жана Суданда Ислам үммөтүнүн канын дарыядай төгүүдө. Ушул учурда, Мирзиеев режими алардын ыраазылыгына жетүү үчүн өз элин жана диндеш бир туугандарын эң ыплас, эң пастык ыкмалар менен кысымга алууга аракет кылып жатат.

## Марокконун башчылары мусулмандарды жахилиятка кайтаруу үчүн «Бужлуд» карнавалын колдоодо!

Ар бир Курман айт майрамы келген сайын «Бужлуд» же «Бильмаун» жөрөлгөсү Мароккодо кайрадан талкуу жаратат. Айрымдар аны коомдук эс тутумда терең орун алган амазигдердин маданий

мурасынын бир бөлүгү деп эсептешсе, башкалар убакыттын өтүшү менен ага кирген өзгөрүүлөрдөн улам ал өзүнүн баштапкы маанилеринин бир бөлүгүн жоготкон жөрөлгө катары карашат.

«Бужлуд» жөрөлгөсүн сындаган үндөр аны кээде «бидъат» деп атап, анда негизги маңызынан чыгып кеткен жат көрүнүштөр орун аларын айтышса, башка тарап бул элдик карнавалды коргоп, анын жөн гана убактылуу кийим алмаштыруу эмес, тарыхтын жана өздүктүн терең тамырына байланышкан материалдык эмес мурас экенин, ошондуктан аны жок кылуунун ордуна ондоо керектигин белгилешет.

**Ал-Ваъй:** Марокконун башчылары өлкөнү бүлдүргөндөн кийин эми анын элин кафирлерге, бузгунчуларга айландырууга бүт күчүн жумшоодо. Бул мусулмандар курмандык чалып, Аллахты улуктап, Аны даңктаган күндөргө туш келүүдө. Бузгунчу режим Мароккодо байыркы жахилиятты жана анын булганыч бутпарастыгын кайра жандандыруудан баш тартпай жатат. Бул куфр карама-каршылык, таразаларды аңтаруу, бийик жана ыйык нерсенин ордуна ыплас жана булганыч нерсени коюу болуп саналат. Ошентип, Аллахты улуктоо, тасбих, такбир жана тахлил күндөрү ширкке, ыпластыкка, кыйкырык-чуууга жана айбанча өкүрүккө айландырылууда!

Бул мусулмандардын балдарын адаштыруу үчүн жүргүзүлүп жаткан расмий саясат. Байыркы бутпарастык жахилият Исламдын уул-кыздарына фольклор жана оюн-зоок катары сунушталууда. Ширк менен куфр аларга тамаша иретинде жеткирилип, малдын терисин жана мүйүзүн кийип, эскирген бутпарастык ырым-жырымдарын өткөрүү ырасымы уюштурулууда.

## Ибрахимий кыймылы Сирияда ачык ишмердүүлүгүн күчөтүүдө

«Ибрахимий кыймылы» акыркы жумаларда Сириядагы аракетин күчөтүп, Сирия коомунун бир катар катмарлары менен байланыш түзүүгө багытталган дайындоолорду жүргүздү. Ушул алкакта инженер Жамал Саббаг жетектеген Сириядагы «Ибрахимий кыймылы» бир катар дайындоолор тууралуу чечим чыгарды. Ага ылайык, Мухаммад Ибрахим ас-Сайид алавий коомчулугу боюнча кыймылдын жетекчиси, доктор Жозеф Фрио сирия коомчулугу боюнча жетекчи болуп дайындалды. Ошондой эле доктор Самир Ахмад юридикалык комитеттин жетекчиси, ал эми Сами Науфал маалымат комитетинин жетекчиси болуп дайындалды.

Муну менен катар «Дүйнөлүк Ибрахимий кыймылынын» негиздөөчүсү Том Вагнер өткөн жылдын 13-майында Мажд Жубайлини алавий коомчулугу боюнча кыймылдын атайын өкүлү кылып

дайындаганын жарыялады. Ошондой эле Сириядагы кыймылдын жетекчилиги билдирүү таратып, диалогго, көп түрдүүлүккө, бирге жашоого берилгендигин, ошондой эле жек көрүү жана экстремизм чакырыктарын четке кага турганын баса белгиледи.

**Ал-Ваъй:** башчылар Ислам шариятына жана аны талап кылган элдик таянычка эмес, Батышка таянганда, анын натыйжасы – аларды колдогон тараптардан буйрук алуу болот. Дал ошол тараптар сени бир кезде «террорист» деп атап, кийин өздөрүнө жаккан абалга келгенде бул мөөрдү алып салышат. Ошентип, яхудий түзүмү менен мамилелерди нормалдаштырууну жана “ибрахимий дин” идеясын жайылтууну кабыл алсаң, ага саясий партиялар аркылуу чакырык жүргүзүүгө жол ачылат. Ал эми Исламдын хазарий долбоорун көтөргөндөрдүн саясий партиялык ишмердүүлүгүнө тыюу салынат.

## Томас Фридман: Иранга каршы согушта Трамп ачуу чөйчөктөн ичүүгө аргасыз болот?

“The New York Times” гезитинин баяндамачысы Томас Фридман Американын Иранга каршы согушу боюнча эки гана суроо калганын айтат. Биринчиси: бул согушту эң аз жетишкендик менен аяктоо үчүн Америка президенти Дональд Трамп канча ачуу чөйчөктү ичүүгө аргасыз болот? Экинчиси: Трамп ичип жаткан ошол ачуу чөйчөктү «даамдуу сый тамак» деп көрсөтөбү?

Ал андан ары мындай дейт: “Эгерде бул Ирандын өзөктүк курал жасоого жакын деңгээлде байытылган болжол менен 1000 килограмм уранынан баш тартуусуна алып келсе, анда Трамп убада кылган Ирандын «шартсыз багынып берүүсү» ишке ашпай, көптөгөн ачуу чөйчөктөрдөн ичүүгө аргасыз болушуна каршы эмес. Анткени бул Ирандын өзөктүк бомбага ээ болуу коркунучун түздөн-түз жок кылмак”.

Ошондой эле, ал мындай нерсе ишке ашса да, Трамп эң мыкты жана пайдалуу келишимге жетишти деп айтууга негиз жок экенин баса белгилейт. Анткени жогорку деңгээлде байытылган бул уранды көзөмөлгө алуу режимдин бийликте калышына гана эмес, анын колунда дагы болжол менен 10 тонна төмөн деңгээлде байытылган уран сакталып кала турганын, режимди чындап эле тынчсыздандыра турган деңгээлде күчтөндүрөт.

Тарыхта Трамп, анын вице-президенти Жей Ди Вэнс, коргоо министри Пит Хегсет жана мамлекеттик катчы Марко Рубио өз элинин алдында эң алсыз абалда турган учурда Иранга кайрадан жашап кетүүгө мүмкүнчүлүк берген команда катары эскерилет.

Фридмандын пикиринде, Иран өзөктүк бомба жасоо деңгээлине жакын байытылган бул урандан АКШ Ирандын мунай экспортуна киргизген чектөөлөрдү алып салууну жана Тегеранга каршы киргизилген Американын экономикалык санкциялар тармагын жоюуну караган келишимдин алкагында гана баш тартат. Мындай кадам режимге өтө чоң каржылык булак берип, аны оппозиция өкүлдөрүн сатып алууга, көчөлөрдөгү каршылыктарды басууну улантууга жана Ливан, Ирак жана Йемендеги өз өкүлдөрүн каржылоо үчүн пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Жазуучу куралданууну чектөө боюнча эксперттин жана «Бузгунчу мамлекеттер жана Американын тышкы саясаты» аттуу китептин автору Роберт Литвактын сөзүн келтирет. Анын айтымында, Трамп бул согушту Тегерандагы режимди өзгөртүү максаты менен өзү баштаган. Бирок ал азыр бул согушту 2015-жылы Обама сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн жана Ирандын өзөктүк программасын чектеген келишимдин өзгөртүлгөн версиясы болгон келишим аркылуу аяктоонун алдында турат. Ал келишимден Трамп 2018-жылы «ойлонбой» чыгып кеткен.

Фридман ошондой эле Трамп жана анын улуттук коопсуздук боюнча командасы согуш башталганга чейин эч кандай сценарий даярдабагандай көрүнөрүн айтат. Алар яхудий түзүмүнүн премьер-министри Биньямин Нетаньяхунун Иран режими бир нече аптага созулган катуу бомбалоодон кийин кулайт деген убадаларына гана таянышкан. Ошондой эле алар курчоодо калган абалда Иран кандай аракеттерди жасашы мүмкүн экенин алдын ала эсептей алышкан эмес.

Фридмандын айтымында, Ирандын эң биринчи жасаган кадамы – дүйнөлүк чийки мунайдын болжол менен 20 пайызы өткөн маанилүү деңиз жолу болгон Ормуз кысыгын жабуу болду. Бул дүйнө жүзүндө күйүүчү майдын баасынын өсүшүнө алып келди. Мындан тышкары, Иран бир нече учкучсуз учак, канаттуу ракеталар жана Революциялык гвардиянын аз сандагы күчтөрү менен эле Американын жана дүйнөлүк экономиканын ишин үзгүлтүккө учуратуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экенин түшүндү. Башкача айтканда, Трамп менен Нетаньяху миллиарддаган долларлык ири аскердик системасы аркылуу Иранды бомбалап, аны массалык кыргын салуучу куралдын курамдык бөлүктөрүнөн баш тартууга мажбурлайбыз деп ойлошкон. Бирок, тескерисинче, алар Иранга өзүндө бар болгон «жалпы үзгүлтүккө учуратуучу куралдын» мүмкүнчүлүгүн ачып беришти.

Жазуучу бул шашылыш кадамдар Иран режимине өзүнүн эң баалуу жана туруктуу куралынын маанисин түшүнүүгө шарт түзгөнүн баса

белгилейт. Ал курал – каалаган учурда дүйнөдөгү эң маанилүү мунай агымы өткөн кысыкты жаап коюу мүмкүнчүлүгү. Ошондой эле ал Трамптын муну алдын ала көрө албаганын табигый көрүнүш катары баалап, мунун себебин Трамп өзүн баарын билем деп эсептегени менен, а чындыгында эч нерсени билбегенин түшүндүрөт. ❑

بسم الله الرحمن الرحيم

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## МАМЛЕКЕТТИН МУШРИКТЕР МЕНЕН БОЛГОН МАМИЛЕСИ ТАРИКАТКА ТИЕШЕЛҮҮ ӨКҮМДӨРДӨН

**Халифа Мухаммад – Иордания**

Аллах Таала айтты:

﴿ وَأَذَانٌ مِّنَ اللهِ وَرَسُولِهِ إِلَى النَّاسِ يَوْمَ الْحَجِّ الأَكْبَرِ أَنَّ اللهَ بَرِيءٌ مِّنَ الْمُشْرِكِينَ وَرَسُولُهُ فَإِن تُبْتُمْ فَهُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ وَإِن تَوَلَّيْتُمْ فَاعْلَمُواْ أَنَّكُمْ غَيْرُ مُعْجِزِي اللهِ وَبَشِّرِ الَّذِينَ كَفَرُواْ بِعَذَابٍ أَلِيمٍ﴾

***“Дагы** (ушул сүрө) **Аллах жана Анын Пайгамбары тарабынан адамдарга чоң ажылык күнүндө Аллах жана Анын пайгамбары мушриктер менен алакасыз** (эч байланышпас) **экендигин билдирүү. Демек,** (эй мушриктер)**, эгер тообо кылсаңар, өзүңөр үчүн жакшы болот. Эгер баш тартсаңар, анда билип койгула, силер Аллахты алсыз кыла албайсыңар.** (Эй Мухаммад)**, кафир болгон кишилерге жан чыдагыс азаптын «куш кабарын» жеткизгин!”***. (Тообо: 3).

Бул аят Тообо сүрөсүнөн. Бул сүрө «Бараа» сүрөсү деп да аталат. Себеби, анын башталышы Аллах Субханаху ва Тааланын мушриктерден баш тартканын жана Анын Элчиси ﷺ да алардан баш тартканын жарыялоо менен башталган. Ошондой эле бул сүрөдө Аллах Субханаху ва Тааланын пенделеринин тообосун кабыл алышы бир нече жолу айтылгандыктан, ал «Тообо» сүрөсү деп да аталган.

Тообо сүрөсү хижраттын тогузунчу жылында түшкөн. Ал кезде Расулуллах ﷺ ошол жылдагы ажылыкка Абу Бакр ас-Сыддыкты (رضي الله عنه) амир кылып дайындаган эле. Тообо сүрөсү түшкөндөн кийин Расулуллах ﷺ Али ибн Абу Талибди (رضي الله عنه) Тообо сүрөсү менен жиберип, аны ажылыкта адамдарга окуп берүүнү буйруган. Анткени ошол жылга чейин Каабага ажылык кылуу бардык адамдар үчүн ачык болчу. Тообо сүрөсү мусулмандардын мушриктер менен болгон мамилелерин тартипке салуу үчүн түштү. Али ибн Абу Талиб (رضي الله عنه) Тообо сүрөсүн окуп бүткөндөн кийин ажыларга төрт нерсени жарыялады. Муну Имам Куртубий (рахимахуллах) өзүнүн тафсиринде келтирген:

“Мындан ары эч ким Каабаны жылаңач абалда таваф кылбайт; кимдин Пайгамбар ﷺ менен келишими бар болсо, ал келишим өз мөөнөтүнүн аягына чейин күчүндө калат; кимдин келишими болбосо, ага төрт айлык мөөнөт берилет; бейишке момун адам гана кирет; ушул жылдан кийин мусулмандар менен мушриктер бирге ажылык

кылышпайт”. Тирмизий (рахимахуллах): «Бул хадис хасан сахих», - деген. Аны Насаий (рахимахуллах) да риваят кылган.

Ошентип, бул сүрө Араб жарым аралындагы мушриктердин тамырын кыюу, мунафыктарды ашкерелөө үчүн түштү. Ошондуктан анын аттарынын арасында «Фадыха» (ашкерелөөчү) жана «Мухзия» (шерменде кылуучу) деген аталыштар бар. Ал эми чынчыл момундардын тообосу кабыл болгондугун билдиргендиктен, аларды мунафыктыктан актаган сүрө маанисинде «Мукашкиша» деп да аталган. Бул сүрө «Бисмиллах» менен башталган эмес. Анткени «Бисмиллахта» ырайым бар, ал эми «бараа» (баш тартуу) болсо ырайымга карама-каршы келет.

﴿وَأَذَانٌ مِّنَ اللهِ وَرَسُولِهِ﴾ – “***Дагы (ушул сүрө) Аллах жана Анын Пайгамбары тарабынан...***” башкача айтканда, маалымдоо жана жарыялоо. Бул жарыя Аллах Субханаху ва Таалага жана Анын Элчисине ﷺ таандык кылынды. Анткени ал – Аллах Субханаху ва Таала тарабынан келген, ага баш ийүү важиб болгон шаръий өкүм. Аны болсо Анын Элчиси ﷺ адамдарга жеткирген. Бул аяттын башындагы «الأذان» сөзү түшүрүлүп калган ээнин (мубтаданын) хабары (баяндооч) болуп саналат. Анын болжолдуу мааниси: «Ушул жарыя».

﴿إِلَى النَّاسِ﴾ — “***...адамдарга***”. башкача айтканда, ошол ажылык мезгилине катышкан бардык адамдарга – мусулмандарга да, мушриктерге да. Себеби ал убакта Каабага ажылык кылуу мусулмандарга да, мушриктерге да ачык болчу. Ошондуктан кайрылуу алардын бардыгына багытталган. Бул мезгил мушриктерге өз дининде жүргөн абалда Каабага ажылык кылууга уруксат берилген акыркы ажылык мезгили болду.

﴿يَوْمَ الْحَجِّ الأَكْبَرِ﴾ — «***чоң ажылык күнүндө***» деген сөз кайсы күндү билдирери тууралуу аалымдар арасында ихтилаф болгон. Айрымдары бул Зул-хижжа айынын тогузунчу күнү – Арафа күнү дешкен. Бул пикирди бир катар сахабалар, табииндер жана факихтер карманган. Башкалары болсо бул Зул-хижжа айынын онунчу күнү – Курмандык чалуу күнү (Явмун-Нахр) дешкен. Бул пикирди да бир катар сахабалар, табииндер жана факихтер колдогон.

Кыязы, туурараак пикир – бул Арафа күнү, башкача айтканда Зул-хижжанын тогузунчу күнү. Анткени Расулуллах ﷺ:

«الحجُّ عَرَفة»

**«Ажылык – Арафа»**, - деген.

Ошондой эле ошол күнү бардык ажылар Арафат тоосуна чогулушат. Ал эми Курмандык чалуу күнү болсо адамдар ошол күндүн ибадаттарын аткарууга тарашат: минага барышат, жамараттарга таш ыргытышат, таваф кылышат жана саъй аткарышат.

﴿أَنَّ اللهَ بَرِيءٌ مِّنَ الْمُشْرِكِينَ وَرَسُولُهُ﴾ — “***Аллах жана Анын пайгамбары мушриктер менен алакасыз*** *(эч байланышпас)* ***экендигин билдирүү***”. Бул Аллах Субханаху ва Тааланын жана Анын Элчисинин ﷺ мушриктерден баш тарткандыгы тууралуу жарыянын мазмуну. Бул жерде «الأذان» сөзүнө тиешелүү түшүрүлүп калган «بـ» тамгасы бар деп такдир кылынат (бааланат). Башкача айтканда, мукоддар түзүлүшү: « أذانٌ بأنَّ...» («...деп жарыя»). Бул сүйлөм сүрөнүн биринчи аятындагы мазмунду дагы бир жолу бекемдеп, баса белгилейт.

Кыраат аалымдарынын бардыгы «ورسولُه» сөзүн дамма менен (рафъ) окушкан. Бул бир сүйлөмдү экинчи сүйлөмгө байлоо (атф) түрүндө болуп, анын мааниси: «ورسولُه بريءٌ من المشركين» («Анын Элчиси да мушриктер менен алакасыз»). Бул боюнча башка да пикирлер айтылган, бирок мааниси бир эле.

Ал эми айрым тафсирчилер айткандай, «ورسولِه» сөзүн касра менен (жарр) окуп, муну Хасан ал-Басрийге (рахимахуллах) таандык кылуу туура эмес. Анткени анда мааниси: «Аллах мушриктерден жана Өз Элчиси менен алакасыз» деген болуп калат. Мунун канчалык денгээлде жаңылыш жана тууралыктан алыс экени айкын.

Кызыктуу риваяттардын бири мындай: бир араб көчмөнү бир адамдын:

﴿أنّ اللهَ بريءٌ من المشركين ورسولِهِ﴾

деп, «ورسولِه» сөзүн касра менен окуганын угат. Ошондо ал көчмөн: «Эгер Аллах Өз Элчисинен баш тарткан болсо, анда мен да андан баш тартам», - дейт.

Муну менен ал окурмандын катасын көрсөтүүнү гана көздөгөн. Ошондо ал адам көчмөндүн жакасынан кармап, Умарга (رضي الله عنه) алып барат. Көчмөн анын кандай окуганын айтып бергенде, Умар (رضي الله عنه) араб тилинин грамматикасын үйрөнүүгө буйрук берет.

Дагы бир риваятта айтылгандай, Абу ал-Асвад ад-Дуалий (рахимахуллах) да ушундай окууну угуп, бул тууралуу Алиге (رضي الله عنه) билдирген. Ушул окуя араб тилиндеги нахв илиминин негизделишине себеп болгон деп айтылат. Бул окуя нахв илиминин пайда болуу себеби катары айрым грамматика китептеринде да келтирилет.

Бул аятта Аллахтын мушриктерден баш тартканын жана Анын Элчиси ﷺ да алардан баш тартканын кабарлоо формасында айтылган. Бирок мындай **кабар мааниси жагынан буйрук маанисине** өтөт. Башкача айтканда: мушриктерге ушул жарыяны жеткиргиле деген маанини билдирет.

Ошондой эле Аллах Субханаху ва Тааланын кандайдыр бир нерседен баш тартышы ал нерсенин – бул жерде ширктин – арам экенине эң күчтүү далилдердин бири болуп саналат.

﴿فَإِن تُبْتُمْ فَهُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ وَإِن تَوَلَّيْتُمْ فَاعْلَمُواْ أَنَّكُمْ غَيْرُ مُعْجِزِي اللّهِ﴾ — “***Демек,** (эй мушриктер)**, эгер тообо кылсаңар, өзүңөр үчүн жакшы болот. Эгер баш тартсаңар, анда билип койгула, силер Аллахты алсыз кыла албайсыңар***”. Аяттын бул бөлүгүндө ушул жарыядан кийинки мушриктердин абалы баяндалат. Алардын кимиси ширктен тообо кылып, Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ ыйман келтирсе, бул өзү үчүн жакшы болот. Ал эми ким жүз үйүрүп, баш тартуусун уланта берсе, анда Аллах Субханаху ва Тааланын колунан кутула албасын, Аны алсыз кыла албасын билсин. Мындай кылуу менен ал Аллах Тааланын азабына татыктуу болот.

﴿وَبَشِّرِ الَّذِينَ كَفَرُواْ بِعَذَابٍ أَلِيمٍ﴾ “*(Эй Мухаммад)**, кафир болгон кишилерге жан чыдагыс азаптын «куш кабарын» жеткизгин!***”. Бул сүйлөм аяттын биринчи сүйлөмүнө байланган. Себеби биринчи сүйлөмдө буйрук мааниси бар. Башкача айтканда, мааниси мындай болуп калат: адамдарга Аллахтын жана Анын Элчисинин ﷺ мушриктерден баш тартканын жарыялагыла; ошондой эле алардын ичинен ким тообо кылса – кутулганын, ким жүз үйүрсө – азапка жакындаганын жарыялагыла. Андан соң: жүз үйүргөн мушриктерге жан ооруткан азаптын куш кабарын жеткизгин, - деп айтылган.

Негизинен «бушра» (сүйүнчүлөө) сөзү адамды кубанта турган нерсе тууралуу кабар берүүнү билдирет. Бирок бул жерде ал шылдың маанисинде колдонулуп, азап тууралуу эскертүүнү жана кайгылуу кабарды билдирүү үчүн пайдаланылган. Башкача айтканда, азап менен «сүйүнчүлөнүп» жаткандарды маскаралоо маанисинде колдонулган.

Жан ооруткан азап – бул өлтүрүү, туткунга алуу, кул кылуу жана мал-мүлктү олжо катары алуу аркылуу берилген азап. Аллах Таала айткандай:

﴿وَأَنزَلَ جُنُودًا لَّمْ تَرَوْهَا وَعذَّبَ الَّذِينَ كَفَرُواْ وَذَلِكَ جَزَاء الْكَافِرِينَ﴾

***“...ошондой эле силер көрбөгөн бир аскерди** (периштелерди) **түшүрдү жана кафир адамдарды азапка дуушар кылды. Кафирлердин жазасы ушул”***. (Тообо: 26).

Хунайн күнү алардын тарткан азабынын бир бөлүгү өлтүрүлүү, бир бөлүгү туткунга алынып кул кылуу жана мал-мүлкүнүн олжо катары алынышы болгон. Башкача айтканда, мушриктерге: ыйык айлар аяктагандан кийин сен алар менен согушасың жана аларды жеңесиң деп эскерт, буга Аллах Тааланын төмөнкү сөзү далил болот:

﴿فَإِذَا انسَلَخَ الأَشْهُرُ الْحُرُمُ فَاقْتُلُواْ الْمُشْرِكِينَ حَيْثُ وَجَدتُّمُوهُمْ وَخُذُوهُمْ وَاحْصُرُوهُمْ وَاقْعُدُواْ لَهُمْ كُلَّ مَرْصَدٍ﴾

***“Эми, качан согуш арам кылынган айлар чыкса** (бүтсө)**, мушриктерди тапкан жайыңарда өлтүргүлө,** (туткунга) **алып, камоого-курчоого алгыла жана бардьк жолдордо аларды аңдып өлтүргүлө”***. (Тообо: 5).

«Азап» сөзү жалпысынан бул дүйнөдөгү да, акыреттеги да азапты камтыйт. Бирок аны белгилүү бир азапка чектеген далил келген учурда гана өзгөчө мааниге ээ болот. Мисалы, Калам сүрөсүндө бак ээлери тууралуу окуя айтылгандан кийин Аллах Субханаху ва Таала мындай дейт:

﴿كَذَٰلِكَ الْعَذَابُ وَلَعَذَابُ الْآخِرَةِ أَكْبَرُ﴾

*“(Аллахтын буйругунан четке чыккандар үчүн)* ***мына ушундай азап бар. Эгер билишсе, Акырет азабы шек-күмөнсүз дагы да чоңураак”.*** (Калам: 33).

Бул улуу аят ага чейинки жана андан кийинки аяттар менен бирге, тарикаттын өкүмдөрүнө кирген тышкы саясаттын айрым өкүмдөрүн өз ичине алган. Ал Ислам мамлекетинин Дарул Исламдагы башка түзүмдөр менен, тагыраагы Араб жарым аралындагы башка түзүмдөр менен болгон мамилесин тартипке салган.

Исламдагы тышкы саясаттын негизи – дааватты көтөрүп чыгуу. Ошондуктан Халифалык мамлекети менен башка мамлекеттердин ортосундагы мамилелер даааваттын кызыкчылыгын камсыздаган жана ага каршы келбеген негизде курулат.

Бүгүнкү күндө да мусулмандарга жана алардын башчыларына Дарул куфрдагы мамлекеттер менен болгон мамилелерин дал ушул негизде жүргүзүү важиб. Алар кафир мамлекеттер менен мусулмандарга каршы союз түзбөшү жана момундарды таштап, кафир мамлекеттерди өздөрүнө дос жана колдоочу кылып албашы керек.

Негизи, Расулуллах ﷺ кылгандай, бардык мусулмандар бир саясий түзүмдүн алдында болуп, аларды бир гана халифа башкарууга тийиш. Аллах Тааладан мусулмандардын абалын жакшы жагына өзгөртүп беришин сурайбыз. ❑

## ХУБАЙБ ИБН АДИЙ (رضي الله عنه)

**Инженер Шафик Хамис – Йемен**

Ал Хубайб ибн Адий ибн Малик ибн Амир ибн Маждаъа аль-Авсий аль-Ансарий. Аллахтын Элчисинин ﷺ кадырлуу сахабаларынын бири, Исламдын алгачкы баатырларынын бири жана Мадина элинен болгон. Ал Аллахтын Элчиси ﷺ менен бирге Бадр жана Ухуд согуштарына катышкан. Кийин Аллахтын Элчиси ﷺ аны алты сахабанын курамында Удал жана аль-Кара урууларына Исламды үйрөтүү үчүн жиберген.

Ибн Хишам өзүнүн «Сийрасынын» 3-томунда «Ражиъ күнү тууралуу баяндоо» деген бөлүмдө Хубайб ибн Адийдин (رضي الله عنه) өлтүрүлүшү тууралуу мындай баяндайт:

Удал жана аль-Кара урууларынан бир топ адамдар – экөө тең насабы жагынан Аднаний урууларынан болуп, аль-Хаун ибн Хузайма ибн Мудрикага барып такалат – өздөрүн мусулман кылып көрсөтүп Мадинага келишти. Алар: «Эй, Аллахтын Элчиси! Биздин арабызда Исламды кабыл алгандар бар. Биз менен кошо сахабаларыңыздан бир нече кишини жөнөтүңүзчү. Алар бизге динди түшүндүрүп беришсин, Куранды окутушсун жана Исламдын өкүмдөрүн үйрөтүшсүн», - дешти.

Ошондо Аллахтын Элчиси ﷺ сахабаларынан алты кишини жөнөттү. Алардын арасында Хубайб ибн Адий (رضي الله عنه) да бар эле.

Алар бул адамдар менен жолго чыгып, Хижаз тараптагы Хузайл уруусуна таандык Ражиъ деп аталган суу булагына жеткенде, ал адамдар кыянаттык кылышты. Алар Хузайл уруусун жардамга чакырышты. Ошондо Бану Лихьян уруусунан куралчан адамдар келип, аларды курчап алышты да: «Аллахка ант болсун, биз силерди өлтүрүүнү каалабайбыз. Биз болгону силер аркылуу Мекке элинен бир нерсеге жетишүүнү каалайбыз. Силерге Аллахтын убадасы жана келишими бар: силерди өлтүрбөйбүз», - дешти.

Сахабалардын үчөөсү: «Аллахка ант болсун, биз эч качан мушриктин келишимин да, убадасын да кабыл албайбыз», - дешти. Андан соң алар согушуп, акыры шахид болушту.

Ал эми калган үчөө, алардын арасында Хубайб ибн Адий (رضي الله عنه) да болгон, жумшарып, тирүү калууну каалашты. Ошондо аларды жааларынын жиптери менен бекем байлап коюшту.

Алардын бири Абдуллах ибн Тарик (رضي الله عنه) байланган колун бошотуп, кылычын алды. Ошондо душмандар үлгүрүп, аны таш бараңга алып өлтүрүштү. Анын мүрзөсү аз-Захранда жайгашкан.

Андан соң Хубайб ибн Адий, анын шериги жана Зайд ибн ад-Дасина (رضي الله عنهما) Меккеге жеткирилди. Аларды Меккеде турган Хузайл уруусунун эки туткунун бошотуу үчүн сатышмакчы болушту.

Хубайб ибн Адийди Бану Усайд ибн Амр ибн Тамим уруусунан болгон Хужайр ибн Абу Ихаб сатып алып, аны Укба ибн аль-Харис ибн Амирге тапшырды. Ал Хубайбды атасы аль-Харис ибн Амир ибн Науфал үчүн өч алуу максатында өлтүрмөк эле. Себеби Хубайб Бадр күнү аль-Харисти өлтүргөн болчу. Мунун себеби алардын туугандык байланышы эле. Анткени тамимдик Абу Ихаб менен аль-Харис ибн Амир энелеш бир туугандар болушкан.

Андан кийин Хубайб ибн Адийди дароо өлтүрбөй, ыйык айлар өтүп кеткенче камап турушту.

Хужайр ибн Абу Ихабдын күңү Маавия, Хубайб анын үйүндө камакта турганда болгон окуяны мындайча баяндайт: «Аны өлтүрө турган убак келгенде ал мага: “Өлүмгө даярдануу үчүн тазаланып алайын, мага темир устара жибер”, - деди. Мен ошол конуштагы бир балага устараны берип: “Муну бул кишиге үйдүн ичине киргизип бер”, - дедим. Ал бала устараны алып ага карай жөнөгөндө, өзүмчө: “Мен эмне кылдым?! Аллахка ант болсун, эми бул киши ушул баланы өлтүрүп, атасы үчүн өчүн алат. Ошондо бир адамдын ордуна дагы бир адам өлгөн болот”, - деп корктум. Бирок бала устараны ага сунганда, ал аны колуна алып: “Өмүрүңө ант болсун! Энең сени ушул устара менен мага жибергенде, менден кыянаттык күтпөгөн экен”, - деди да, баланы коё берди». *(Ибн Хишамдын «Сийрасы», 3-т., 127-б.)*

Курайштыктар аны ат-Танъимге алып чыгып, жыгачка байлап өлтүрмөкчү болгондо, ал аларга: «Эгер мага эки рекет намаз окууга уруксат берсеңер, уруксат бергиле», - деди.

Алар: «Оку», – дешти.

Ошондо ал эки рекет намазды эң толук жана эң көркөм түрдө окуду. Андан кийин аларга кайрылып: «Аллахка ант болсун! Эгер силер мени өлүмдөн коркуп намазды атайын узартты деп ойлобогонуңарда, мындан да көбүрөөк намаз окумакмын», - деди. *(Мурунку булак, 127-б.).*

Андан соң аны жыгачка көтөрүп, бекем байлашканда, Хубайб өмүрүн ошол жердегилердин денесин калтыратып жиберген дуба менен аяктады.

Ал мындай деди: «Оо, Аллах! Биз Сенин Элчиңдин ﷺ кабарын жеткирдик. Эми эртең менен ага бизге эмне кылышканын жеткир. Оо, Аллах! Алардын бардыгын эсепке ал, алардын баарын бирден жок кыл жана алардын эч бирин тирүү калтырба!». (Мурунку булак, 127–128-бб.).

Хубайбдын бул дубасы ошол жерде тургандардын катуу үрөйүн учурду. Муавия ибн Абу Суфян андан абдан коркуп калды. Ал эми Саид ибн Амир аль-Жумахий бул дуба эскерилген сайын адамдардын арасында эсин жоготуп жыгылып калчу. Аль-Харис ибн аль-Барса болсо: «Биздин арабыздан бирөө да тирүү калат деп ойлогон эмесмин», - деген.

Андан соң Хубайб төмөнкү ыр саптарын окуган:

Мусулман бойдон өлтүрүлүп жатсам, кайсы капталыма жыгыларым мага баары бир,

Анткени менин өлүмүм Аллах үчүн. Эгер Ал кааласа, денемдин бөлөк-бөлөк болуп чачыраган мүчөлөрүнө да береке берет.

Андан кийин найзаны Бану Абд ад-Дар уруусунан болгон Абу Майсара алып, жаш болгондугу үчүн аны Абу Саруа Укба ибн аль-Харистин колуна карматты. Ал Хубайбды найза менен сайып өлтүрдү.

Курайштыктар аны жыгачка байланган бойдон калтырып, эч ким түшүрүп, жерге көмбөшү үчүн айланасына күзөтчүлөрдү коюшту.

Хассан ибн Сабит (رضي الله عنه) Хубайбды жоктоп мындай деп ырдаган:

Эмне үчүн көзүндүн жашы токтобойт. Көкүрөккө тынбай төгүлгөн титиреген берметтей болуп?

Жигиттердин мыктысы Хубайб үчүн,

Аны баары билишчү: жолукканда алсыздык да, жеңил ойлуулук да көрсөтчү эмес.

Бар, эй Хубайб!

Аллах сага жакшылык берсин,

Түбөлүк бейишти жана хур кыздарынын арасында жай берсин.

Пайгамбар ﷺ силерге: «Эмне үчүн Аллахтын шахидин өлтүрдүңөр?» – деп сураганда,

Асмандын четинде урматтуу периштелер турганда, эмне деп жооп бересиңер?

Эмне үчүн силер Аллахтын шахидин жерлерде жана адамдар арасында бузгунчулук жайган зөөкүр бир адам үчүн өлтүрдүңөр?

Ат-Табарий өзүнүн «Тарых» китебинин 2-томунда мындай деп кошумчалайт: “Хубайб ибн Адий өлтүрүлгөндөн кийин Аллахтын Элчиси ﷺ Амр ибн Умайя ад-Дамрийди жана ансарлардан бир кишини Меккеге Абу Суфян ибн Харбды өлтүрүү үчүн жиберген. Бирок Курайштан бир киши Амр ибн Умайяны таанып калып, алардын сыры ачылып калгандыктан, көздөгөн максаттарына жете алышкан эмес.

Амр ибн Умайя ад-Дамрий мындай деп баяндайт: «Мен Хубайб байланган жыгачка келдим. Күзөтчүлөрдөн сактануу үчүн этият болуп, жыгачка чыгып, Хубайбды чечтим. Ал жерге кулады. Мен андан анча алыс эмес жерге барып жашындым. Андан кийин кайра бурулуп карасам, Хубайбдын сөөгүн көрө алган жокмун. Жер аны жутуп жибергендей болду. Ошондон ушул күнгө чейин Хубайбдын сөөгү тууралуу эч кандай маалымат айтылган эмес». *(ат-Табарий, «Тарых», 2-т., 541–542-бб.).*

Ошондуктан Хубайб ибн Адийге (Аллах андан ыраазы болуп, даражасын бийик кылсын) «Жер жуткан» (Балиъул-ард) деген лакап берилген. ❑

**Ал-Ваъй архивинен: биринчи жыл, төртүнчү сан, хижрий 1408-жыл, мухаррам айы / миладий 1987-жыл, сентябрь**

# РУХАНИЙ КҮЧ – ЭҢ ТААСИРДҮҮ КҮЧ

**Ахмад ат-Тарабулуси**

Адам колундагы күчтөрдүн көлөмүнө жараша ишке киришет. Ошондуктан бул күчтөрдүн маңызы эмнеде экенин изилдөө жана таасирин билүү зарыл. Анткени эмне үчүн адамдардын амалдары бири-биринен айырмаланат? Эмне үчүн кээ бирлери улуу иштерди аткарса, көпчүлүгү аларды аткарууга алы жетпейт?

Адам колундагы күчтөрдүн көлөмүнө жараша ишке киришет. Күчтөрү канчалык көп болсо, анын аракетке умтулуусу да ошончолук күчтүү болот. Анын аткарган иштеринин көлөмү да ээ болгон күчтөрүнүн көлөмүнө жараша болот. Бирок адам ар түрдүү күчтөргө ээ. Ал материалдык күчтөргө ээ болуп, алар анын денеси жана каалоолорун кандыруу үчүн колдонгон каражаттар аркылуу көрүнөт. Ошондой эле маънавий күчтөргө ээ болуп, алар өзүндө калыптандырууну көздөгөн ахлакый касиеттер аркылуу көрүнөт. Мындан тышкары, руханий күчтөргө ээ болуп, алар анын Аллах менен болгон байланышын аңдап түшүнүүсү же сезүүсү, же экөөсү тең аркылуу көрүнөт.

Бул үч күчтүн ар бири адамдын иш-аракет кылуусуна өз таасирин тийгизет. Бирок бул күчтөрдүн адамга болгон таасири бирдей эмес, тескерисинче, алардын таасири ар башка. Материалдык күчтөрдүн таасири эң алсыз. Маънавий күчтөр материалдык күчтөргө караганда көбүрөөк таасир этет. Ал эми руханий күчтөр болсо алардын ичинен эң таасирдүүсү жана эң күчтүү натыйжа берүүчүсү.

**Чектелген умтулуу**

Материалдык күчтөр — дене күчү болобу же каражаттар болобу — адамды өз каалоосун кандыруу үчүн, ошол каалоону канчалык баалаганына жараша гана ишке түртөт, андан ашык эмес. Кээде бул күчтөр бар болсо да, адам ал ишке муктаждык көрбөгөндүктөн, такыр эле аракет кылбай коюшу мүмкүн. Демек, бул күчтөрдүн түрткүсү чектелүү болуп саналат жана алардын өзү эле адамды шексиз иш-аракетке түртпөйт. Мисалы, адам душманы менен согушууну кааласа, адегенде өзүнүн дене күчүн баалайт жана материалдык каражаттарын карайт. Эгер аларды жетиштүү деп тапса, согушка киришет. Болбосо, артка чегинет. Кээде душманын жеңүүгө күчү жетсе да, өзүнөн күчтүүрөөк бирөө душманга жардам берип жеңип кетет деп ойлоп, коркоктук кылышы мүмкүн. Же болбосо күчүн өзүнүн жыргал жашоосуна же турмуш деңгээлин көтөрүүгө жумшоону туура көрүп,

аракеттенбей коюшу мүмкүн. Демек, душман менен согушуу — адам аткарууну каалаган иш. Бирок ал буга материалдык күчтөрүнүн көлөмүнө жараша гана умтулгандыктан, анын умтулуусу ошол күчтөр менен чектелет. Натыйжада, материалдык күчтөрү бар болсо да, коркунуч же жалкоолук сыяктуу тоскоолдуктар пайда болгондо, ал бул ишти аткарууда олку-солку абалда болуп калат.

**Маънавий күчтөр**

Ал эми маънавий күчтөр болсо, эң оболу адамдын ичинде иш-аракет кылууга болгон күчтүү умтулууну пайда кылат. Андан кийин бул ишти аткарууга жетиштүү күчтөрдү топтоого аракет кылат жана колунда бар күчтөр менен гана чектелип калбайт. Көп учурда адам кадимки материалдык мүмкүнчүлүгүнөн да ашыкча аракет кылышы мүмкүн. Кээде болсо топтой алган күчүнүн чегине чейин гана барат. Кандай болгон күндө да, ал колундагы материалдык күчтөрдөн көбүрөөк иш аткарат. Мисалы, кимдир бирөө душманы менен өзүн анын үстөмдүгүнөн куткаруу үчүн, же өч алуу үчүн, же атак-даңк үчүн, же алсызга жардам берүү үчүн согушса, ал олжо алуу, колонизатор болуу, же жөн гана үстөмдүк орнотуу үчүн согушкан адамга караганда алда канча күчтүү умтулуу менен аракет кылат.

Мунун себеби — маънавий күчтөр адамды инстинкттик түшүнүктөрдөн жогору турган түшүнүктөр менен байланыштырган түрткү болуп саналат жана белгилүү бир канааттанууну талап кылат. Ошондуктан бул күчтөр ошол канааттанууга жеткирген каражаттарды табууга умтулат. Натыйжада инстинкттик түшүнүктөрдү көзөмөлүнө алып, материалдык күчтөрдү өзүнө кызмат кылдырат. Ушундайча алар материалдык күчтөрдөн да күчтүү таасирге ээ болот. Ошондуктан дүйнөдөгү бардык мамлекеттер өз аскерлеринин материалдык күчтөрүн толуктоо менен бирге, алардын маънавий күчтөрүн да калыптандырууга өзгөчө көңүл бурушат.

**Зор кубат**

Ал эми руханий күчтөр маънавий, материалдык күчтөргө караганда адамга алда канча күчтүү таасир этет. Анткени руханий күчтөр адамдын жаратылыштын жана бардык күчтөрдүн Жаратуучусу болгон Аллах менен болгон байланышын аңдап түшүнүүсүнөн келип чыгат. Аллах менен болгон бул байланышты акыл аркылуу идирек кылуу жана жүрөк менен сезүү адамды өзүндөгү күчтөрдүн көлөмүнө жараша эмес, же топтой ала турган күчтөрүнүн көлөмүнө жараша эмес, тескерисинче, Жаратуучу андан эмнени талап кылса, ошого жараша аракет кылууга түртөт. Ал талап анын күчүнө тең болобу, андан ашыкпы же азбы, айырмасы жок.

Ал талап адамдын өз өмүрүн түздөн-түз курмандыкка чалуусу болушу мүмкүн же акыры өмүрүн курман кылууга алып барчу иш болушу мүмкүн. Ошентсе да адам бул иш өзүндөгү күчтөрдөн да, топтой алган күчтөрдөн да ашып түшсө дагы, аны аткарат. Ошондуктан руханий күчтөр адамдагы бардык күчтөрдүн ичинен эң таасирдүүсү болуп саналат. Бирок бул руханий күчтөр жөн гана туйгуга гана негизделген болсо, анда алар башка туйгулардын үстөмдүк кылып кетишинен улам алсырап же өзгөрүп кетүү коркунучуна дуушар болот. Же болбосо жаңылыш түшүнүктөрдүн таасири менен башында умтулган ишинен башка иштерге бурулуп кетиши мүмкүн. Ошондуктан руханий күчтөр адамдын Аллах менен болгон байланышын так жана анык аңдап түшүнүүсүнө, ошондой эле ошол байланышка болгон бекем ишенимдүү туйгуга негизделиши зарыл. Ошондо бул күчтөр туруктуу болуп, алардын түрткүсү эч кандай олку-солкусуз, Аллах талап кылган нерсени аткарууга ар дайым багытталат.

Эгер руханий күчтөр бар болсо, анда маънавий күчтөрдүн өз алдынча эч кандай таасири калбайт. Анткени мындай учурда адам ишти маънавий түрткү менен эмес, руханий күчтөрдүн түрткүсү менен гана аткарат. Ошондуктан ал душманы менен олжо алуу үчүн да, жеңиштин даңкы үчүн да согушпайт. Тескерисинче, Аллах аны ушуга буюрганы үчүн гана согушат. Олжо түшөбү же түшпөйбү, жеңиштин даңкына жетеби же аны эч ким билбейби, мунун баары маанилүү болбой калат. Анткени ал бул ишти Аллах талап кылганы үчүн гана аткарган болот.

Ал эми материалдык күчтөр болсо, мындай учурда иш-аракетке түрткү берүүчү күч эмес, ишти аткаруунун каражаттары болуп калат.

Ислам мусулмандын иш-аракетке түрткү берген күчтөрү руханий күчтөр болушуна өзгөчө көңүл бурган. Алардын көрүнүшү материалдык же маънавий болуп көрүнсө да, Ислам руханий негизди бүт дүйнөлүк жашоонун жалгыз негизи кылып койгон. Ошондуктан Ислам акыйдасын анын жашоосунун негизи, адал менен арамды анын амалдарынын өлчөмү, ал эми Аллахтын ыраазычылыгына жетүүнү умтулган максаттарынын эң улуусу кылып белгилеген.

Ошондой эле, мусулман бардык иштерин — кичинесин да, чоңун да — Аллахтын буйруктары менен тыюуларына ылайык, Аллах Таала менен болгон байланышын аңдап түшүнүүсүнүн негизинде аткарууга милдеттендирилген. Демек, Аллах менен болгон байланышты так жана анык аңдап түшүнүү, ошондой эле аны бекем ишеним менен сезүү — мусулмандын жашоосу таянган негиз. Бул анын чоң же кичине экенине карабастан ар кандай ишти аткарууга түрткү берген күчү. Дал ушул күч анын бул дүйнө жашоосундагы бардык иштерине жан берген рух болуп

эсептелет. Адамда ушул аңдоо жана ушул сезим канчалык күчтүү болсо, анын руханий күчү да ошончолук күчтүү болот.

Ошондуктан мусулман үчүн анын негизги күчү руханий күчтөр болушу фарз. Анткени алар түгөнгүс байлыгы жана анын ийгилиги менен жеңишинин сыры болуп саналат. ❑

# «1948-ЖЫЛДАГЫ НАКБА КҮНҮ» ЖӨНҮНДӨ ЫР

**Хамд Табиб – Палестина**

Көөдөндөгү оттун жалыны жанар тоодой жалындайт,
Жер жүзү, бүт айлана кайгы-муңга чулганган.
Накба күнү жүрөктүн түпкүрүндө оор жара болуп,
Жан күйгүзүп, үшкүрүк, кайгы-капа күчөгөн.
Адамдар чынжырга байланып, аңдууда турушат,
Жүгү оорлоп, оорчулуктун түрлөрү көбөйгөн.
Кайгы менен кордук алардын жолдошуна айланып,
Кербен үнсүз, үшкүрүк коштоп жолун улантат.
Кыз-келиндер, балдар кербен болуп айдалды,
Мал сыяктуу топ-тобу менен айдалды.
Кор болуучулардын эң “мыктылары” – башчылар,
Көп сүйлөгөндү, куру убаданы адат кылышкан.
Кафирлер ээн талаада өз көрүнө туш болушат,
Ал эми деңиздин түбү балыктарга майдан болушту.
Куштар айланып учуп, көздөр аларды тиктеп турат,
Асмандын бийигинде бүркүттөр калкып учат.
Накба баарын каптап, артынан башка кырсыктар келди,
Уят уланып, оттой эзүү күчөдү.
Кыйынчылыктан кийин да алардын турак-жайы тынчтык көрбөдү,
Унчукпай келген жеңилүүнүн кайгысы оор баага турду.
Бузгунчулук алардын эң негизги адатына айланган,
Ал эми Рахман алдында эң көркөм сөз — Куран.
Убаданы бузуу алардын тарыхы жана доорлору болуп келген,
Бул алардын кайсы жерде болсо да өзгөрбөгөн сыпаты.
Адамзаттын Элчиси ﷺ алардын кылык-жоруктарынан азап тарткан,
Кыянаттыкка кабылган, мунун далили тарыхта жазылган.
Оо, кандай шерменделик, арабдар болсо унчукпай турушат!
Оо, кандай маскаралык, айланада баары таштап кетишүүдө!
Кылыч кайда? Ал кайда жоголду?
Жебе кайда? Ал арамзаларды айырмалай турган белги эле.
Бийиктеги бүркүт кайда? Анын орду кайда калды?
Даңк кайда? «Аллаху акбар» жаңырыгы кайда калды?
Оо, Роббим! Биз өч алуу күнүн күтүп турабыз,
Жеңиш күнүн да, оо, Улуу Даңктын Ээси, Рахман!
Бизге жардам бере көр! Кордук бизди алсыратты,
Жалган сөздөр маалымат каражаттарында жаңырып жатат.
Бизге жеңиш бере көр, оо, Аллах! Биздин Накбабызга,

Фатх күнү менен алмаштыр, оо, Арштын Ээси, Адилет Өкүмдар!
Мына бул арстандар — шаарлардагы өз орундарында,
Иззат күнү үчүн бекем коргон жана баш калкалоочу жай.
Таңдын шооласы түндү сүрүп чыгаргандай,
Акыйкат үстөм болуп, роялар көрккө бөлөнөт. ❑

# ТҮРКИЯНЫН ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРИ ФИДАН ТЫНЧТЫККА ЖАНА НОРМАЛДАШУУГА ЧАКЫРГАН БАШЧЫЛАРДЫН КАТАРЫНА КОШУЛДУ

Түркиянын тышкы иштер министри Хакан Фидан «Nikkei Asia» экономикалык басылмасына берген маегинде: «Эгер 1967-жылдагы чек аралардын негизинде Палестина мамлекети таанылса, акыр аягында яхудий түзүмүн Жакынкы Чыгыштагы жаңы аймактык коопсуздук түзүмүнө кошууга болот», - деди. Ал муну Түркия, Пакистан, Саудия, Египет жана Перс булуңундагы мамлекеттер сыяктуу бир катар аймактык күчтөрдү камтыган кызматташтык алкагын куруу үчүн «тарыхый мүмкүнчүлүк» деп атады. Ошондой эле: «Эгер ылайыктуу шарттар түзүлсө, Иран да келечекте бул алкакка кошула алат», - деп кошумчалады.

Яхудий түзүмүнө байланыштуу Фидан: «Анын интеграцияланышы яхудий түзүмү менен Палестинанын ортосундагы жаңжалды чечүүгө көз каранды», - деп билдирди. Ал: «Эгер бул маселе чечилсе, анда яхудий түзүмүнүн коопсуздугу аймактагы мамлекеттер тарабынан олуттуу колдоого ээ болот деп ойлойм», - деди.

Ошондой эле ал Анкаранын яхудий түзүмү менен толук нормалдашуу үчүн койгон шарттарын дагы бир жолу кайталап, алардын катарына яхудий түзүмүнүн палестиналыктарга каршы аскерий операцияларын токтотуусу жана Газзага гуманитардык жардамдын жеткирилишине уруксат берүүсү киререин айтты.

Фидан сөзүн минтип жыйынтыктады: «Эгер бул шарттар аткарылса, биз эч кандай көйгөйсүз кадимки жашоого кайта алабыз. Биз “эки мамлекет” чечимине умтулабыз».

**Ал-Ваъй:** Фидандын бул билдирүүсү, албетте, анын жана аймактагы башка башчылардын көз карашын гана билдирет. Эгер ал Үммөт анын айтканына ыраазы болот же өзү жетишкендик катары көрсөткөн мындай багынууга макул болот деп ойлосо, анда жаңылышат. Ал болгону көптөн бери баскынчы яхудий түзүмү менен «тынчтык долбоорун» жайылтып келген аймактагы башка мусулман башчыларына кошулду. Алар «Араб тынчтык демилгеси» деп атаган демилгени кабыл алып, Палестина элине Палестинанын төрттөн биринен да аз аймагында алсыз бир мамлекетче берилсе, анын акысына текебер жана бардык нерсеге ээ яхудий түзүмү менен нормалдуу мамиле түзүп, тынчтык орнотууга убада беришкен.

Мындай көз караш Фидандын Палестина маселесине шаръий көз караш менен карабагандыгынан келип чыгат. Бул жагынан ал өзү сыяктуу эле яхудий түзүмүнүн жетекчилерин жана алардын кылмыштарын айыптап, бирок түзүмдүн өзүн четке какпаган Эрдоган менен бирдей пикирде. Экөө тең Палестинанын басып алынышынын уланышын негизги көйгөй деп

эсептешпейт. Алардын көз карашында маселе яхудий түзүмүнүн иш-аракеттери менен жүрүм-турумунда гана. Эгер ошол иштер токтосо же жөнгө салынса, анда көйгөй да жоголот деп эсептешет.

Ал эми Ислам Үммөтү Палестина Исламий жер экенин билет. Анын маселеси яхудий түзүмүн ал жерден түп-тамыры менен жок кылуу аркылуу гана чечилет. Ошондо Палестина кайрадан толугу менен Исламга жана мусулмандарга таандык болот. Буга жетүүнүн жолу сүйлөшүүлөр, тынчтык келишимдери же яхудий түзүмүн нормалдашууга жана мамиле түзүүгө кызыктыруу эмес. Тескерисинче, Үммөттүн аскерлерин кыймылга келтирүү аркылуу болот. Анткени Палестинаны азат кылуу жана кайрадан Исламдын кучагына кайтаруу жоопкерчилиги дал ошолорго жүктөлгөн. ❑